# Тарбиялык иштердин негизги багыттары

Асанкадырова Айжаркын

**Тарбия иштерин жүргүзүүдө жетекчиликке алынуучу Концепциялар**

“2021-2026-жылдары Кыргыз Республикасында Кыргыз жараны – жарандык таандык болууну өнүктүрүү концепциясы”, КР Президентинин жарлыгы, 13.11.2020, №39

«Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы концепциясы», КР Президентинин жарлыгы, 29.01.2021, №1

“Кыргыз Республикасында 2021-2030-жылдарга чейин жаштарды руханий-адеп-ахлактык өнүктүрүү жана дене тарбиялоо концепциясы”, КР БИМ буйругу, 12.04.2021, №441/1

“Улуттук нарк жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Президентинин жарлыгы, 20.05.2022, №157

# Кыргыз мамлекетинин бүтүндүгүн сактоо

Кыргыз мамлекетинин бүтүндүгүн сактоо, элдин биримдигин бекемдөө, Ата мекендин эгемендигин коргоо, "элдин кызыкчылыгы бардыгынан жогору" принцибин кармануу, өз элинин тарыхына жана маданиятына аяр мамиле кылуу, бабалардын басып өткөн баатырдык жолуна патриоттуулук жана улуттук сыймыктануу сезимин тарбиялоо – руханий-адеп-ахлактык тарбиялоонун негизги максаты болуп саналат.

**Баарыңыздарда жалпы адамзаттык баалуулуктардын болушун каалайбыз, салттуу маданият менен жашоону сунуштайбыз.**

Ар тарантуу өнүккөн, өз элинин руханий-адеп-ахлактык жана маданий баалуулуктарын терең сиңирген, эне тилин негизги баалуулук катары сыйлаган, билимдүү, жоопкерчиликтүү, дени сак, мекенчил, татыктуу инсанды калыптандырууга ар бирибиз өз салымызды кошолу деген коңгуроону кагуу менен көңүл бурганыңыздарга ыраазычылык билдиребиз!

# ИНСАНДЫН РУХАНИЙ-АДЕП-АХЛАКТЫК ӨНҮГҮҮСҮ ЖАНА ДЕНЕ ТАРБИЯСЫ ЖӨНҮНДӨ КОНЦЕПЦИЯ

**Концепциянын максаты** – ар тараптуу өнүккөн, өз элинин руханий-адеп-ахлактык жана маданий баалуулуктарын терең сиңирген, эне тилин негизги баалуулук катары сыйлаган, билимдүү, жоопкерчиликтүү, дени сак, мекенчил, татыктуу инсанды калыптандыруу.

**Концепциянын милдеттери:**

– Кыргызстандын элин, айрыкча өсүп келе жаткан муунду мамлекеттин бүтүндүгүн сактоого жана маалыматтык коопсуздукту камсыз кылууга, улуттук дөөлөттү, салттуу жана жалпы адамзаттык руханий-адеп-ахлактык баалуулуктарды сактоого, сергек жашоо мүнөзүн жүргүзүүгө, ак ниет эмгекке, укуктук, экологиялык жана эстетикалык тарбия алууга багыттоо;

– мамлекеттик жана эне тилге аяр мамиле кылуу, жарандык коомдун өнүктүрүү процессине шайкеш келүү жана мекенчилдик сыяктуу коомдук жүрүм-турум ченемдерин мыйзам ченемдүүлүккө айландыруу.

# Концепциянын багыттары:

## Үй-бүлө – инсандын рухaний-адеп-ахлактык өнүгүүсүнүн пайдубалы

**Үй-бүлөнүн жана ата-эненин жаш муундун алдындагы негизги милдети – терең жана ар тараптуу руханий-адеп-ахлактык негиздерди түптөө жана анык мекенчилди тарбиялоо.**

## Бул багыттагы билим берүү уюмунун милдеттери жана ишмердүүлүгү

Мектепке чейинки билим берүү жана мектептик билим берүү уюмдарынын ата-энелер менен биримдикте балдарды тарбиялоо ишмердүүлүгүн өркүндөтүүгө, бала тарбиясы үчүн мугалимдер менен ата-энелердин милдеттерин жана жоопкерчилигин жогорулатууга, алардын бирге иш жүргүзүүсүн конкреттештирүүгө багытталган «Ата-энелер мектеби» программасын сапаттуу ишке ашыруу болуп саналат.

## Дене тарбия жана спорт – ден соолуктун негизи

Мамлекеттин жана коомдун маанилүү милдети болуп, ар бир адамдын жана бүтүндөй улуттун саламаттыгы жөнүндө кам көрүү саналат. Артыкчылыктуу багыттардын бири – агартуу аркылуу улуттун саламаттыгын жана генофондун бекемдөө.

Күнүмдүк жашоонун ажырагыс бөлүгү катары спортко тартуу менен бирге адамдарда сергек жашоо мүнөзүнө умтулууну калыптандыруу зарыл.

### Бул багыттагы колго алуучу иштер

- Мектеп лигасы" спорттук долбооруна ар бир мектептен катышуучуларды тартуу;
- Бишкек шаарында уюшулган командалык спорттун түрлөрү боюнча ЖОЖдор менен биргелешкен иштерди башка шаарларда да жайытуу;
- спорттун түрлөрү, анын ичинде улуттук спорттун түрлөрү боюнча секцияларды көбөйтүү;
-Жашоонун сегек мүнөзү программасы боюнча сабактарды жеткиликтүү өткөрүү.

# Эмгекке тарбиялоо

Коом жана мамлекет ак ниет жана талыкпаган эмгек – бакубаттыктын жана байлыктын булагы экендигин ар бир жарандын түшүнүүсү жана күнүмдүк жашоосунда аны кармануусу жөнүндө кам көрүүгө тийиш. Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсүнүн кыймылдаткыч күчү болуп жан дили менен иштөө жана өзүнүн ички дараметин ачуу эсептелет.

Эң коркунучтуу, коомду жаман жолго салган көрүнүш – жеке кызыкчылыктарды гана канааттандырууну көздөгөн жалкоолук, коррупция жана өзүмчүлдүк.

Балдарды эмгекке тарбиялоодогу агартуучулардын орду жогорку орунда турат. Учурда эмгекке тарбиялоо ишине да заманбап мамиле жасоо зарылдыгы келип чыкты. Балдар акыл эмгегине да, күч эмгегине да аз тартылып калган учур. Мында көнүмүш формаларды бир аз өзгөртүп, балдарды оригиналдуулук жана жаңылык менен тартууга болот. Мисалы, «мыкты дежур» класстык сынагын уюштуруу же мектеп тутумунун ичинде балдарды кандайдыр бир бонус менен шыктандыруу жетиштүү. Мында бул иш-чараларга балдардын кызыгуусу артат. Заманбап эмгек тарбиясынын позитивдүү тажрыйбасы - -бүтүрүүчү класстын балдарынын айрым кесиптерге аракет кылуусу. Бул учурда мектеп ата-энелердин колдоосуна ээ болушу керек, алар жетектөөчү болуусу зарыл. Кесиптер дүйнөсү балдарга баалуу тажрыйба алууга жардам берет.

# Укуктук маданиятка тарбиялоо

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын негизги ченемдери жарандын укуктары, эркиндиги жана милдеттери болуп саналат.

Укуктук билим берүү, кылмыштуулуктун алдын алуу иштерине коомчулуктун кошо тартылуусу маанилүү.

-Укуктук билим берүү-бул мамлекет тарабынан укуктук билимдерди, ынанымдарды, идеяларды, талаптарды жалпыга маалымдоо каражаттарынын (радио, телекөрсөтүү, гезиттер), атайын мамлекеттик жана социалдык түзүмдөрдүн жардамы менен калк арасында жайылтуу;

-мектепте укуктук билимдерди жана компетенцияларды түзүүнүн жана өнүктүрүүнүн максаттуу, системалуу процессин жүргүзүү;

-Укуктук биргелешкен үгүт иштерин күчөтүү, үгүт иштеринде жакшы иштерди көп жарыялоо;

Укук бузуулардын алдын алуу

Укук бузуулардын алдын алуу – өсүп келе жаткан муундун укуктук аң-сезимин, укуктук маданиятын жана укук ченемдүү жүрүм-турумун калыптандырууга багытталган мамлекеттик органдардын жана мекемелердин чараларынын аткарылышына маани берүү.

# Жарандык өнүгүү жана патриоттуулукка тарбиялоо

- Өлкөнүн ар бир жаранынын укуктарын жана эркиндигин коргоо, мыйзамды сыйлоо, үлгүлүү жүрүм-турум, улуттук рухка шайкеш келген жалпы адамзаттык маданияттын элементтерин өздөштүрүү, өзүн-өзү сын көз караш менен кароо, инновацияларга умтулуу – патриоттук тарбиялоонун жана жарандык өнүгүүнүн негизги багыттары.
- Балдарды патриоттуулукка тарбиялоодогу колго алуучу багыттар:
- Балдарга улутуна таандык болгон тарыхый тамырын, каада-салтын таанытуу максатында тарыхый жайларга, музейлерге саякатка алып баруу;
- Улуттук сезимин ойготуу максатында балдар арасында алардын макулдугу менен улуттук нуктагы балдар уюмдарын түзүү.
- Патриоттук тарбиядагы ата-энесинин үлгүсүнүн болушун камсыздоо;
- Балдар жоопкерчиликтүү жана камкор болуп чоңоюшу үчүн, Кыргызстандын чыныгы жарандары, чоң кишилер өз жашоосун коом үчүн пайдалуу көз карашынан талдап, өз мекенине болгон сүйүүнүн үлгүсүн бериши зарыл;
- Мектептеги патриоттулукка тарбиялаган иш-чаралардан да жогрудагы көрсөтүлгөндөр маанилүү экендигин учур тастыктоодо.

# Эстетикалык тарбиялоо

- Өсүп келе жаткан муунду элдик каада-салттын эстетикасы жана сулуулугу менен тааныштыруу жана аларды баалай билүүгө тарбиялоо – учурдун талабы.
- -Курчап турган чөйрөдөгү сулуулук жөнүндөгү ата-энелердин, мугалимдердин элестүү, эмоционалдуу сезүүсү болбосо, балдар сулуулукту таанып билүүсү кыйын.
- - Мектеп эстетикалык тарбияны максатка ылайык, белгилүү системада жүргүзүүгө тийиш.
- Мектептеги бардык предметтерди окутууда эстетикалык тарбия ишке ашырылууга тийиш. Башталгыч класстарда эле балдар сулуу жазууга, сөздөрдү так айтып, сүйлөп, үн кубулта окууга үйрөнүшөт.
- - Сөз өстүрүү, адабият сабактарында эне тилиндеги сөздөрдүн булактарына саякат жасоонун мааниси баа жеткис. Лирикалык чыгармалар, Музыка угуу, сүрөттөрдү көрүү, табиятка саякатка чыгуу учурларында балдардын эстетикалык тарбия алуусуна түрткү берүү.
- Жогоруда белгилегендей эле, эстетикалык тарбия ар бир күнү, ар бир учурда ишке ашат. Аны ишке ашыруу өзүбүзгө ырахат тартуулайт. Баарыбыз ырахат алууга үйрөнөлү жана башкалардын да ырахаттануусуна шарт түзөлү, жол көрсөтөлү.

# Улуттук жана жалпы адамзаттык руханий жана маданий-адеп-ахлактык баалуулуктарды жактоо духунда тарбиялоо

- Бүткүл коомдун руханий байлыгынын ченеми болуп элибизге мүнөздүү болгон меймандостук, объективдүүлүк, чынчылдык, калыстык, айкөлдүк, берешендик, сараң эместик, чыдамкайлык, кечиримдүүлүк, мээримдүүлүк, боорукердик, патриоттуулук сыяктуу баалуу сапаттар саналат.
- Маани берүүчү иштер:
- Мектептеги иш-чаралардын өтүлүшүндө адептүүлүк жагына биринчи маани берүү;
- Адамдагы асыл сапаттардын калыптанышын класстык сааттарда гана эмес, ар бир сабактарда, ар бир иш-чарада, бардык учурларда ишке ашыруу;
- Ар бир класста “Нарктуу окуучу” наамын ыйгаруу иштерин колго алуу, нарктуу окуучуларды окуу жылынын аягында сыйлоо иштерин жүргүзүү;
- Нарктуу окуучуну тарбиялоо үчүн мугалимдердеги нарктуу жүрүм-турумду калыптандыруу.

# Экологиялык тарбиялоо

- Жаратылышка аяр мамиле кылуу – элдин кылымдардан бери келе жаткан салты жана адамдын адеп-ахлактуулугунун белгилеринин бири болуп саналат.
- Биология, география, химия, физика, адабият сабактарында экологиялык билимдерин тереңдетүү;
- Жаратылышга саякатка чыгууну уюштуруу;
- Тематикалык майрамдарды өткөрүү;
- Күнүмдүк жашоодо жаратылыш менен таанышуу, анын маанилүүлүгүн түшүнүү;
- Көргөзмө, сынактарды, акцияларды уюштуруу.

# Экологиялык тарбиялоо

- Жаратылышка аяр мамиле кылуу – элдин кылымдардан бери келе жаткан салты жана адамдын адеп-ахлактуулугунун белгилеринин бири болуп саналат.
- Биология, география, химия, физика, адабият сабактарында экологиялык билимдерин тереңдетүү;
- Жаратылышга саякатка чыгууну уюштуруу;
- Тематикалык майрамдарды өткөрүү;
- Күнүмдүк жашоодо жаратылыш менен таанышуу, анын маанилүүлүгүн түшүнүү;
- Көргөзмө, сынактарды, акцияларды уюштуруу.

## Тилге урматтоо менен мамиле кылуу жана аны өнүктүрүү

- Этностун аныктоочу белгиси эне тил болуп саналат. Мамлекеттик тил – жарандык коомду куруунун, этностор ортосундагы кызматташтыкты жана мамилелерди өнүктүрүүнүн каражаты болуп саналат.
- Кыргыз тилине кам көрүү жана өркүндөтүү иштерине мектепте тилчилерди гана эмес, бардык мугалим, окуучу, ата-энелерди тартуу;
- Балдардын тил маданиятынын деңгээлин көтөрүү, сөз байлыгын өстүрүү;
- Кыргыз тили айлыгында гана эмес, бардык учурда тилге байланышкан мүчүлүштүктөрдү оңдоо иштерин убагында жүргүзүү;
- Сабаттуу жазуу жана сабаттуу сүйлөө иштерине өтө катуу көңүл буруу.

# Адеп ахлактык тарбия

# КААДАСЫ БОЛБОЙ ЭЛ БОЛБОЙ

*"Тарыхы болбой эл болбойт"*



**Тарбия завуч: Асанкадырова Айжаркын Ж.**

## ТЕМА: “КААДАСЫ БОЛБОЙ ЭЛ БОЛБОЙТ”

**Сабактын максаты:**

Ата мекенди сүйүүгө жана ата журту менен сыймыктанууга тарбиялоо;

Элибиздин каада-салтын, тарыхын кенже окуучулардын ан-сезимине жеткирүү:

**Байкоо жүргүзүү жана салыштыруу.**

**Класстык сааттын милдеттери:**

*Өнүктүрүүчүлүк:*
- Окуучуларга кыргыз элинин каада-салттары жана алардын мааниси боюнча түшүнүк берүү жана таанып билүүгө кызыгуусун арттыруу;
- Элдик каада-салттарды урматтоого чакыруу;
- Таанып билүүчүлүк жөндөмдү жана чыгармачылыкты өнүктүрүү.

*Тарбия берүүчүлүк:*
- Окуучуларды өз элин, жерин сүйүүгө тарбиялоо;
- Өз оюн эркин айтууга көнүктүрүү.

*Күтүлгөн натыйжалар:*
- Окуучулар мугалимдин жардамы менен кыргыз элибиздин каада-салттардын маанисин жана ордун түшүнүшөт.

*Баалуулуктарды сиңирүү:* Кыргыз элибиздин тарыхына, каада-салтына, үрп-адатына болгон кызыгуусун арттыруу; патриотизмге тарбиялоо; адеп-ахлактык сапаттарды тарбиялоо; өз ара байланыш, баарлашуу көндүмдөрүн өнүктүрүү (башкалардын пикирин урматтоо, уга билүү жөндөмү).

*Класстык сааттын жабдылышы жана көрсөтмөлүүлүгү:*
*Класстык сааттын тиби:* Жаңы билимдерди үйрөтүү сабагы.
*Класстык саатты өтүү методу:* Иллюстрациялык түшүндүрүү сабагы.
*Уюштуруу формасы:* Индивидуалдык, фронталдык.

**Сабактын жабдылышы:** Кыргыз элибиздин каада-салтын чагылдырган сүрөттөр, макал-лакаптар.

**Сабактын формасы:** аралаш сабак.
**Сабактагы предмет аралык байланыш:** Тарых, кыргыз тили, кыргыз адабияты жана музыка.
**Колдонулуучу методдор:** түшүндүрүү, практикалык.

**Сабактагы негизги иш-аракеттер:**

- Кыргыз элибиздин каада-салты, тарыхы, үрп-адаты, элибиздин улут аралык достугу, ынтымагы, түрдүү улуттардын маданияты, үрп-адаты тууралуу окуучулар менен ой бөлүшүү.
- Каада-салт тууралуу ыр ырдоо, макалдардын маанисин чечмелөө.

**Сабактын негизги идеясы:** Элин сүйүү, билим жана тарбия, ынтымак, окуудагы ийгилик, чын ден соолук Кыргызстандын гүлдөп өсүшүнө кошкон салым экендигин окуучуларга түшүндүрүү.

**Класстык сааттын планы:**

Уюштуруу учуру – 3 мүнөт.
1. Сабакты өтүүгө киришүү – 11 мүнөт.
2. Сабактын негизги бөлүгү – 25 мүнөт.
3. Сабактын жыйынтыгын чыгаруу – 6 мүнөт.

**Сабактын жүрүшү:**
**Мугалим:** Балдар! Биз бүгүн “Каадасы болбой эл болбойт” деген темада тарбиялык саат өтөбүз.

**II.Киришүү.**
**Мугалим:** Дүйнөдө түркүн элдер жашайт. Ар бир элдин тили, дини, салт-санаасы, үрп-адаты, кулк мүнөзү,

ырым- жырымдары бар. Биздин кыргыз элинин үрп-адаты миңдеген жылдар бою жашап келет жана да жашай берет.

Абалтадан салт-санаасын сактаган,
Акыл оюн алыс жолдо тактаган.
Кылымдардан кылымдарды карыткан,
Кыргызымдын салты, үрп-адаты
менен мактанам.

**III. Жаны тема:**

Балдар, биз бүгүн кыргыз элинин үрп адаты, каада–салты менен таанышабыз.

Каада-салт улут менен кошо пайда болуп, узак мөөнөт жашап келген, белгилүү географиялык чөйрөгө жана тарыхый шарттарга байланыштуу калыптанган, ар бир элдин, этностук топтун, улуттун ичинде гана салыштырмалуу туруктуулукка ээ жана бир муундан экинчи муунга тынымсыз өтүп, коомдук пикирдин күчү менен аткарылып жана сакталып турат.

Баланын төрөлүшү (сүйүнчү, көрүндүк, балага ат коюу, жентек, бешик той, тушоо кесүү, сүннөткө отургузуу ж.б.) кыз берүү, келин алуу, бел куда (тогуздап калың берүү, сөйкө салуу, күйөөлөө, жар көрүшүү, кыз оюн, кыз узатуу, келин көрүү, нике кыюу, өкүл ата, өкүл эне дайындоо, отко киргизүү, төркүлөтүү, сеп берүү ж.б.) жентек той, келин келгендеги салттар ж.б. календарлык салт (Нооруз тосуу, аластоо, Орозо айт, Курман айт өткөрүү ж. б.), көч, конок күтүү, тартуу берүү (эски журтта түлөө берүү, өрүлүктөө ж. б.), турак жай (үй көтөрүү, там салуу, үй тою ж. б.), күндөлүк жашоо-тиричилик (мал багуу, жер айдоо, түшүм алуу ж. б.), кийим-кечек (ак калпак, кандагай, кементай, ичик, тон, топу, тебетей, шөкүлө, элечек, белдемчи, кемсел ж. б.), тамак-аш (айран, жуурат ж. б. сүт азыктары, бешбармак, жөргөм ж. б. эт азыктары, көжө, максым ж. б. дан азыктары, боорсок, көмөч ж. б. нан азыктары, кымыз, бозо ж. б. суусундук ичимдиктер) ж. б. байланыштуу бир нечеге бөлүнөт.

Каада-салттарды жана үрп-адаттарды ар кандай ырым-жырымдар, жөрөлгөлөр коштойт. Каада-салт адамдын өмүр мерчемин, социалдык мамилелерди, маданияттын материалдык объектилерин ж. б. өзүнө камтыйт. Салт - муундан муунга, укумдан тукумга өтүп, узак мөөнөт бою сакталып келген. Ал сөзсүз кайталанат. Кайталанбаган жосун салт болуп эсептелбейт. Бирок, кайталангандын бардыгы эле салт эмес. Ал - каада. Каада заманга жараша салттын чегинде өзгөрүп турат. Алсак, учурашуу - бул салт эмес. Бирок, анын кандайдыр бир жөрөлгөлөр менен коштолгону, мисалы, кол алышып учурашуу, өбүшүп учурашуу, ийиндерин тийгизип учурашуу, кичүүнүн улууга озунуп салам айтышы ж.б. салт болуп саналат. Демек, ушул сыяктуу кандайдыр бир кубулуштун жөрөлгөлөр менен коштолуп кайталанышы улуттук каада-салттын көрөңгөсүн түзөт. Салттын жолу улук болот. Деги эле салттардын негизги милдеттеринин бири - жаштарды ыймандуулукка, адептүүлүккө, жоопкерчиликтүү болууга, ата-эне, эл-журт алдында милдетти сезе билүүгө, улууларды сыйлоого ж.б. жакшы сапаттарга тарбиялоо.

Демек, элдик тарбиянын тамыры элдин тарыхы менен өзөктөш. Салттарда азыркы кезде совет мезгилинин, кошуна элдердин таасири сыяктуу факторлордун натыйжасында региондордо ажырымдар бар. Ошондой болсо да айрым аймактык өзгөчөлүктөр болгону менен, алардын келип чыккан түбү бир. Дүйнөдө салтты колдонбогон эл жок.

Дагы кайталасам каада-салт, үрп-адат, элдин жаштарды ыймандуу, абийирдүү, адилет, акыл-эстүү, адамгерчиликтүү, топуктуу, кең пейил, эл алдында жоопкерчиликтүү болууга чакырыгы, эли-жерин коргоого үндөө, адамдар менен алака түзүп, маданияттуу болууга, тил табыша билүүгө үйрөтүү, улуулардан бата алып, аларды сыйлоо, өз кезегинде аларды дагы жаштарга таалим берүүгө үйрөтүү, башкача айтканда элдин жаштарга жол көрсөткүчү. Кыргыз маданияты гана эл катары сактап келет.

Азыр улуттук каада-салттарыбыздын бири: “Ымыркайдын төрөлүшү”**Сүйүнчүлөө.** Бала жарык дүйнөгө келер замат, кубаныч коштогон кабар менен ымыркайдын чоң ата, чоң энесине, таята, таенесине биринчи иретте сүйүнчүлөшөт. Адатта бул "Сүйүнчү" деген сөз менен коштолот. Ага "Болсун!" деп жооп айтып, жакшы кабар үчүн бере турган сыйлыгын аташат. Баланын тайлары (таята, таекелери) сүйүнчүлөгөн кудаларына "Болсун, сүйүнчүңө бир тай", "Болсун, сүйүнчүңө, козу" дешкен. Сүйүнчүгө азыр негизинен акча

беришет. Сүйүнчү сураганды кур кол кетирүүгө болбойт, жок дегенде, жанындагы бир буюмун убактылуу кармата туруп, кийин атаганын берген. Уул төрөлсө, "бөрү", кыз төрөлсө, "түлкү" деп сүйүнчүлөшкөн. Бул бир жагы, алардын мүнөздөрүнүн окшоштугунан (бөрүнүкү-уулга, түлкүнүкү-кызга) келип чыкса, экинчи жагы, бөбөктүн төрөлгөнүн жин-шайтандан жашыруу үчүн да айтылган. Кыздын төрөлгөнүн "кырк жылкы" деп сүйүнчүлөгөн учурлар бар, мунун себеби түшүнүктүү — себеби атасы кызын күйөөгө узатканда калың алат да. Бул салт XI кылымда жашап кеткен бабабыз Махмут Кашгаринин айтылуу "Сөздүгүнөн" учурашы анын көөнө мезгилдерден бери жашап келе жаткандыгын көрсөтөт ***Бала төрөлгөндө кандай салттар бар экенин силер да билсенер керек. Анда төмөнкү инценировканы көрөлү:***

**Бала: -** Сүйүнчү, сүйүнчү, байкем уулдуу болду.
**Чоң эне:** Болсун айланайын, болсун! Оозуңарга май.
Төрөлгөн баланы сары май менен оозантып, бөбөккө жакшы келечек каалашат. Адатта бул жөрөлгөнү байбичелер, ымыркайдын чоң энеси, таянеси жасайт. Бул ырым менен "баланын өмүрү майлуу-сүттүү болсун", "жегени дайым май болсун", "дайым май чайнасын", "малдуу-жандуу болсун", "кем болбосун", "жокчулук, карчылык тартпасын" деген тилектерин билдиришкен. Энеси менен ээрчип келген кичине баланын оозуна кайсы эле үйдөн болбосун, үй ээси май салган, бул ырым чоңойгондо жалганчы болуп калбасын деген тилек менен жасалчу. Азыр үйүнө биринчи жолу келген кичине балага ырым кылып акча-тыйын же кийим кече берип коюшат. Мунун дагы бир мааниси наристеге көз тийбесин, акысын бердим дегенди билдирет.

Бала көрүп, ага жакшы тарбия берип, анын урмат-сыйын көрүү ар бир ата-эненин ыйык максаты. Балалуу болуу ата-энеге берилген чоң бакыт. Ал эми, балага татыктуу тарбия берип, ага тиешелүү милдеттерин аткаруу ата-эненин моюнундагы милдет.

**Чоң ата:**

Теңирим адам берди,
Ааламга адам келди.
Айыл калаа сүйүнчү,
Азан айтып атын коем.
Теңир берген затын коем.
Уул болуп жоодон сактасын,
Эне эмизген сүтүн актасын.

Чоң ата азан чакырып, небересине атын коет.

**Чоң ата:** Кана балдарым, жентек тойго келгиле, ырдап-бийлеп көңүл ачкыла. Ымыркай бала жарык дүйнөгө келген соң ага азан чакырып ат коюу кыргыз элинин улуу салты.

**1-окуучу:** Бөбөк жарык дүйнөгө келери менен ага ат коюлат. Бул азан чакыруу менен коштолот. Кыргызда ат коюу боюнча ар кандай ырымдар бар. Маселен, ымыркайдын аты өтө оор болбошу керек, антпесе, аны көтөрө албайт деп айтылат. Мисалы, Манас ысымы. Андан сырткары, үй-бүлөдө жалаң эркек же кыздар төрөлө берсе, Бурул, Жаңыл, Кайрылса, Токтобүбү деген аттарды коёт. Токтосун, Токтогон, Токтогул ысымдары жөн жерден берилбейт. Аны көптөн бери бала токтобой, эненин боюнан түшүп же төрөлгөндөн кийин чарчап кала берген бүлөдө төрөлгөн ымыркайга беришет. Ымыркай бала төрөлгөндө азан чакырып ат коюлбаса, ал чоңойгондо кайрымсыз болот экен.

**2-окуучу:** Анан ата-эненин жакшы санаалаштары, чоң ата, чоң эненин кудалары, достору жентектеп келишет. Бул чакан тойчук. Ата-эне жентекти жарык дүйнөгө жаңы келген наристенин урматына берип, тууган-урукту, жолдош-жорону, кошуна-колоңду чакырып, дасторкон жайып, эт тартып, даам сыздырат. Жентек үчүн атайын күн мурунтан карынга сары май куюлуп, баланын төрөлүшүнө деп сактаган. Аны бузуп, алды менен бөбөктү оозантып, үйдүн карыларына да ооз тийгизишкен.

**3-окуучу: Анан баланын кыркын чыгарышат.** Бала төрөлгөндөн кийинки кырк күн наристенин өмүрү үчүн өзгөчө кооптуу деп саналып, бул мезгил аралыгында балага өзгөчө аяр мамиле кылып, андан кийин ымыркайдын кыркын чыгарууга айрыкча маани берилген. Кыргыздарда ал күнү кырк токоч жасап, коңшу-колоңдорго чай берилген. Байбичелер жакшы тилектерин айтып, дагырага (чылапчынга) кырк кашык суу куюп, баланы ошол сууга киринтишкен.

**4-окуучу:** Баласынын кыркын чыгарганга чейин апалар колун муздак сууга салбай, таштан, темирден жасалган муздак буюмдарга колун тийгизген эмес. Бул жаңы төрөлгөн бала ташбоор, мээримсиз болуп калбасын деген ырым болчу. Баланын атын кыркы чыкканга чейин айтпай, ар кандай эркелеткен аты же жаныбарлардын балдарынын аты (күчүк, козу ж.б.) менен чакырган.

**5-окуучу: Анан баланын чачын алдыруу аземи башталат.** Ымыркай жарык дүйнөгө келгенден бир нече күндөн кийин чачтарын, тырмактарын алуу ырымы болот. Өскөн чачы менен тырмагы бала эненин

курсагынан чыккандан кийин да жашоосу кадыресе уланып жаткандыгынын белгиси деп бааланат. Бөбөктүн кыркын чыгарган күнү анын карын чачын да алышкан. Ымыркайга кирген кирине карын чач алынмайынча чыкпайт деп айтышат. Баланын чачы адамдын буту баспай турган, жашыруун жайга катылган.

**1-окуучу:** Жаш баланын биринчи чачын кадыр-барктуу, сыпайы мүнөздүү адамдардын бирине атап койдук деп, ошол адамдын өзүнө барып да алдырышкан. Шарт боюнча эркек адамдын чачын аялга алдыртпайт, эркек кайратсыз болуп калат деген ишеним бар. Эгер бөбөк чоңойгончо чачы чыкпаса, анын баш кийимин эшекке жыттатып ырымдашкан.

**2-окуучу: Бешик той.** Абалтадан кыргыздар баланы бешикке бөлөп келген. Учурда деле көп үй-бүлөлөр, өзгөчө айыл жеринде баланы бир-эки жашка чейин бешикке бөлөп чоңойтушат. Ал эми бешикке салуу – бөбөккө бата сурап, айыл-апаны, илик-чатышты, тууган-урукту чакырып берген чоң той менен коштолот. Эл тойдун аягында балага бата берип, кең келечек каалашат. Азыр шаарда же район борборлорунда бешик тойду ири кафелерде, ресторандарда өткөрүү кеңири жайылган.

**3-окуучу: Тушоо кесүү.** Бала там-туң басып калганда жасала турган ырым. Ал бешик тойго караганда чаканыраак болот. Баланын эки бутун эшилген ала жип

менен арчындап, тушайт. Бөбөктү эки колунан ата-энеси же өзүнөн улуулар кармап турат. Ал эми андан 20-30 метрдей аралыкта чогулуп алып жарышып чуркап келген тестиер балдардын алдыга чыкканы бөбөктүн бутун тушаган ала жипти алдын ала даярдап туруп колуна карматкан бычак менен кесиши керек. Бул жеңиши үчүн ага баш байге менен кошо ошол бычак белекке тиет. Ал эми калгандарга атайын даярдалган байгелер тапшырылат.

**4-окуучу:** Тушоосу кесилген баланы дароо ары-бери жетелеп бастырып, тегеректегилер жакшы тилектерин айтат. Андан соң атайын чачыла чачылып, аны ошол жерде чогулган эл улуу-кичүү дебей, талаша терип кетиши керек. Баланын бутун тушаган жипти кесүү мындан ары жолу ачык болсун, кадамы так шилтенип, турмушунда мүдүрүлдөсүн деген символикалык маанидеги ырым.

**5-окуучу: Сүннөт.** Муну баланы отургузуу деп да аташат. Баланы сүннөткө отургузуу ар бир ата-эненин ыйык милдети. Бул ислам дининдеги элдин, анын ичинде кыргыздардын мусулманчылыктагы негизги шарттарынын бири. Баланы 3, 5, 7 жашында отургузат. Кыргыздарда бул ырымга чоң маани бериле турганын окумуштуу, этнограф Абдымиталип Мурзакметов төмөнкүчө белгилейт. "Жаш баланы 2, 4, 6, 8 жашында сүннөткө отургузбайт, жуп жашында отургузган бала сезгенип, кийин балалуу болбой калышы мүмкүн деп этияттанышкан. Эгерде баланы жай айларында, саратанда отургузса, ысыкчан болуп, ал кийин жалаң уулдуу болот, ал эми, тескерисинче, жазында же кеч күздө сүннөткө отургузулган баладан болочокто кыздар гана туулат, себеби суукчан болуп калат деген ишеним бар", — деп ал. Мурда балдарды тажрыйбалуу аксакалдар, атайын адамдар отургузуп келсе, учурда бул медициналык жайларда кадыресе эле жасалып калды. Баланы отургузгандан кийин ата-энеси той өткөрүп, элден бата алат. Бул азыр деле маанисин жоготпой келе жаткан салттардын бири.

**Мугалим: Ата-эненин кийинки милдети** кыз же уул эрезеге жеткенден кийин, үйлөнтүп же күйөөгө узатуу. Анда да өзүнчө салт-жөрөлгөлөр жасалат. Бул туурасында кийинки класстык сааттарыбызда токтолмокчубуз.*Кыргыздар жашап келет бул Дагы да жашай берет кылымдарга. Салттары, үрп-адаты, мурастары, Арналып эң бир асыл урпактарга.***Экиге бөлүнүп балдарга жана кыздарга макал-ылакап айтышат:**

**Бышыктоо.** Суроо: Биздин кыргыз элинин үрп-адаты миңдеген жылдар бою жашап келет жана да жашай берет дегенге кандай түшүндүңөр?

**Сабактын жыйынтыгы:**

**Суроолорго өз алдыбызча жооп беребиз:**

1. *Кыргыз элибиздин кандай каада-салттарын үйрөндүк?*
2. *"Үрп-адат деген эмне?*
3. *Салт-санаа дегенди кандай түшүндүңөр?*
4. *"Каадасы болбой эл болбойт" деген макалды чечмелеп бергиле?*

**Бабалар сөзүн билип жүр!**

1. **"**Улууга урмат, кичүүгө ызат".

2. “Улуунун сөзүн ук, кичүүнүкүн ойлон”.
4. “Ынтымак бар жерде – ырыс бар”.
5. “Агасын көрүп ини өсөт, эжесин көрүп сиңдиси өсөт”.
6. “Жакшы кыз жакадагы кундуз, жакшы уул көктөгү жылдыз”.
7. “Элпек болмок өзүңдөн, сылык болмок сөзүңдөн”.
8. “Эне сыйлаган элине жагат, Ата сыйлаган абийир табат”.

**Жыйынтыктоо:** Мына балдар, бүгүн биз “Мекеним – алтын бешигим” деген темада кеп кылдык. Демек, ар кимибиз Мекенибизди, жаратылышын сүйүп сыймыктанышыбыз керек. Анткени, “Ар кимдин туулган жери – Мисир”.

**Баалоо:** Окуучулар бааланат.

**Үйгө тапшырма:**

“Каадасы болбой эл болбойт” жөнүндө ангеме түзүп келгиле. Ошентип балдар!

Карыяларыбыз нускалуу болсун,
Байбичелерибиз нускалуу болсун,
Келин-кыздарыбыз уяттуу болсун,
Уулдарыбыз ыймандуу болсун! – деген тилекти айтуу менен бүгүнкү сабагыбызды жыйынтыктасак.

У.мурзакматов атындагы Шапак орто мектеби

## Тарбиялык саат

# Боорукерлик, кайрымдуулук адамдын ыйманында

Камакеева Мыскал

| | |
|---|---|
| Темасы | |
| Максаты | |
| Багыты | |
| Принциптери | |
| Формасы | |
| Методу | |
| Этабы | |
| Каржы булактар | |
| Баалоо | |

Сабактын темасы: Боорукерлик, кайрымдуулук адамдын ыйманында.

Сабактын максаты: 1 Окуучулар ыйман эмне экенин адам болуш үчүн кандай сапаттар жендигин билишет.

2 Ыймандык сапаттор эмнелер экендигин көркөм сөздөр аркылуу айтышат.

3 Ыймандуулукка, адептүүлүккө, ата-энени сыйлоого улууну, урматтоого тарбияланышат.

Сабактын жабдылышы: Сүрөттөр карточкалар, ватман Сликер, маркерлер.

Сабактын түрүшү: 1) Уюштуруу
2 Жаңы тема.

Мугалим: Кыргыз эли өзүнчө улут болуп жаралгандан тартып ыймандуулукту ыйык тутуп келе жаткан элдерден. Ар намыс маданияттуулук, ыймандуулук, боорукерлик, кайрымдуулук булар жакшы адамдарда боло турган эң бир сонун сапаттар. Мындай адамдарды ыйманы бар деп коёбуз. Себеби ыйман эч качан жаманга жакка үндөбөйт. Улууну урматтап, кичүүнү сыйлап ызаттайт. Ошентип, өз ыйманыбызды өзүбүздөн котырбай бири бирибизди урматтабай, кайрымдуулукту унутуп калбашыбыз керек.

1. Окуучу: Ыйман деген эмне?
Тазалыгы диниңдин
Беш парызын унутпай.
Туура керек диниңден
Ыйман деген эмне?
Убал соопту ылгамак
Ата-Энең, улуу-кичүүнү
Урмат кылып сыйламак.

2 окуучу: Азыр кайда жаштарда ыйман деген?
Улууну көзгө илбеген, сенаргеген
Кичүүгө ызат турмак коркунушмак

Уруп, согуп кээде болсо акча сурап
Кучу: Дагы да бул ыймандын сыры терең,
Сөз менен жеткирүүгө болбойт ченем
Бүт өмүр кылган ишиң, баскан жолуң
Таразалап тартылат ыйман менен
Атанын баласы: Сакта мени үй бүлөмдү жараткан
жамандыктан келчү бардык тараптан
Кең пейилсиң, мээримдүүсүң, Оо Алла
Кечир мени, түз жолумдан адашсам
Булактардай шыр-шыр жаткан куюп,
Ырыскыңды албагын адамдан
Байлык дөөлөт, ыйманыңды көп берип,
Балдарыңды сакта кудай арамдан.
Ананын баласы: Мен чоңойтуум уул кыздарды бологоп,
Оо жараткан зоболдун кокогоп
Жамандыктан алыстатып таштачы
Жакшылыкты сурайм берчи өтөнөп.
Ыйман деген сөзгө кластер түзүү.
Ыймандуу болуш үчүн кандай сапаттар болуш керек.
Боорукер, акылдуу, намыстуу, кайрымдуу, ыймандуу,
кечиримдүү, тартиптүү, адептүү, сабырдуу.

Жыйынтыктоо: Биз жаман адаттарга
көнүп, ата-энелерибизди дайым
сыйлап, көз жашын агызбайбыз.

# Жарандык тарбия

# БАЛАНЫН УКУГУ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ

*"Баланын укугу баарынан ыйык!"*




**Класс жетекчи: Асанкадыровыа Айжаркын Ж.**

# ТЕМА: “БАЛАНЫН УКУГУ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ”

**Сабактын максаты:**

**Билим берүүчүлүк:**

- Окуучуларды адам укуктарынын жалпы декларациясы жана Балдардын укуктары жөнүндө конвенция менен тааныштыруу;
- Баланын укуктары жөнүндө түшүнүк берүү;

**Байкоо жүргүзүү жана салыштыруу.**

**Класстык сааттын милдеттери:**

*Өнүктүрүүчүлүк:*

- Окуучулардын конвенциянын негизги жобoлору боюнча ой жүгүртүүсүнө өбөлгө түзүү;
- Окуучулар мугалимдин жардамы менен баланын укугу жана милдеттеринин маанисин жана ордун түшүнүшөт.

*Тарбия берүүчүлүк:*

- Балдардын укугу жана милдеттери жөнүндө көз карашын калыптандыруу, асыл сапаттарга тарбиялоо;
- Башкалардын укуктарына позитивдүү мамилени өнүктүрүү.

**Күтүлүүчү натыйжалар:**

- Конвенция чоңдор менен балдарды адеп-ахлактык, укуктук жана педагогикалык негизде мамилелерди курууга чакыруу менен баланын пикирин, көз карашын, бүтүндөй инсандыгын урматтоо жалпы адамзаттык маданияттын ченеми гана эмес, мыйзамдын да нормасы экенин билүүгө өбөлгө түзүлө; .

***Баалуулуктарды сиңирүү:*** өз ара байланыш, баарлашуу көндүмдөрүн өнүктүрүү (башкалардын пикирин урматтоо, уга билүү жөндөмү).

***Класстык сааттын жабдылышы жана көрсөтмөлүүлүгү:*** “Балдардын укугу жана милдеттери тууралуу макал-лакаптар, флипчарт (ватман), скотч, маркерлер.


***Класстык сааттын тиби:*** Жаңы билимдерди үйрөтүү сабагы.

***Класстык саатты өтүү методу:*** интерактивдүү метод.

***Уюштуруу формасы:*** Индивидуалдык, фронталдык.

**Сабактын усулу:** сынчыл ойломдуу өстүрүү, интерактивдүү усул.

**Сабактын формасы:** аралаш сабак.
**Сабактагы предмет аралык байланыш:** Тарых, кыргыз тили, кыргыз адабияты жана музыка.
**Колдонулуучу методдор:** түшүндүрүү, практикалык.




**Сабактагы негизги иш-а**

“Балдардын укугу жана милдеттери” тууралуу окуучулар менен ой бөлүшүү.

- “Балдардын укугу” тууралуу макалдардын маанисин чечмелөө.

**Сабактын негизги идеясы:** “Балдардын укугу” жөнүндө, окуучуларга түшүндүрүү.

- **Тарбиялык сабактын жүрүшү: Уюштуруу.**

- Саламдашуу. (класста жагымдуу жагдай түзүү)
- Классты толуктоо, келбегендерди журналга белгилөө.

**Мугалим:** Балдар! Бүгүн биз "Баланын укугу жана милдеттери" деген темада тарбиялык саат өтөбүз. Биз жашаган коом жөнүндө сүйлөшөбүз.

- Биз жашаган коомдун аты кандай? (Кыргызстан)
- Негизги документи эмне деп аталганын эстейли? (конституция)
- Жер жүзүндөгү бардык адамдардын коомунда силердин ата-эненер кирбеген коомдун бир бөлүгүн болуп көрсөтүүгө болот. Бул жамаатты атаңыз. (балдар коому)

- Кандай деп ойлойсуңар, дүйнө жүзүндөгү балдардын баары жакшы жашайбы? (балдардын жооптору).
- «Жыл сайын 3,5 миллион бала дарылоого мүмкүн болбогон оорулардан өлөт».
- «100 миллионго жакын балдар уурулук, оор жумуштар, кайырчылык менен жан багышат; үй-бүлөлөрү тарабынан ташталган».
- «6 жаштан 11 жашка чейинки 120 миллион бала мектепке баруу мүмкүнчүлүгүнөн ажыратылган».

Балдардын кыйынчылыктарын азайтуу үчүн дүйнөнүн көпчүлүк мамлекеттери балдарга кам көрүшөт. Кошмо Штаттарда Нью-Йорк шаары Бириккен Улуттар Уюмунун (БУУ) штабы болуп саналат. Бул келечек муундарды согуштан сактап калууга умтулган эл аралык уюм. Бул уюмга 180ден ашык штат кирет. 1989-жылы Бириккен Улуттар Уюму жер жүзүндөгү бардык балдар бирдей укукка ээ болушу керек деген документти иштеп чыгып, кабыл алган.

Бул документ тууралуу бүгүн сабакта сүйлөшөбүз.

**ПРЕЗЕНТАЦИЯ: СЛАЙД 1.** Балдардын укуктарын жана милдеттерин аныктаган документ «Баланын укуктары жөнүндө конвенция» деп аталат.

Бул сөз силер үчүн жаңы жана түшүнүүгө кыйыныраак. Келгиле, аны кантип айтууну үйрөнүп, эстеп калууга аракет кылалы. (хор менен)

**Балдардын укуктары жөнүндө конвенция**

Жыл сайын миллиондогон адамдар "Балдарды коргоонун эл аралык күнүн" белгилешет. Тынчтык, бактылуу балалык — бардык ак ниет адамдардын талыкпас камкордугу, адамзат цивилизациясынын алдындагы алардын милдети.

Балдарды коргоонун эл аралык күнү 1949-жылы ноябрда Аялдардын эл аралык демократиялык федерациясынын кеңешинин чечими менен негизделген жана жыл сайын 1-июнда белгиленип келет.

Ал биринчи жолу 1950-жылы дүйнөнүн 51 өлкөсүндө өткөрүлгөн. 1924-жылдын бул күнү балдардын укуктары боюнча Женева декларациясы кабыл алынып, анда баланын укуктарын өзгөчө коргоо зарылчылыгы айтылган. Жыл сайын 1-июнда майрамдар жана фестивалдар, балдардын сүрөт көргөзмөлөрү, балдардын техникалык чыгармачылыгы, ар кандай спорттук мелдештер өткөрүлөт.

«Катышуучу мамлекеттер баланын эс алууга жана, баланын жашына ылайык оюнга, чыгармачылыкка жана көңүл ачууга, маданий турмушка жана искусствого эркин катышуу укугун тааныйт». (БУУнун Балдардын укуктары боюнча конвенциясы, 1989-ж., 31-берене, 1-пункт.)

Конвенция эл аралык стандарттагы укуктук документ болуп саналат. Конвенциянын негизги максаты - баланын кызыкчылыктарын максималдуулугун коргоо. Анын жоболору балдардын жашоого, ден соолукка, өнүгүүгө, коргоого жана коомго активдүү катышуусуна укуктарын камсыз кылууга тийиш болгон негизги талаптарга чейин кыскарган.

СЛАЙД 2. КОН-ВЕН-ЦИ-Я, Баланын укуктары боюнча конвенция.

- Бул документ качан кабыл алынганы кимдин эсинде? (слайдда - 1989-жылы кабыл алынган).
- Бул документке биздин өлкөнүн өкмөтү да кол койгон. Сиз дүйнөгө келе элексиз, бирок көптөгөн мамлекеттердин мамлекеттери да келечек муундарды ойлоп жатышат. Конвенция – бул документ, ага кол койгондордун баары аткарышы керек.

СЛАЙД 3. Ар улуттун балдарынын фотосу.

- Конвенцияда жер жүзүндөгү бардык балдар бирдей укукка ээ экендиги жөнүндө сөз болуп жатат.

Конвенция 50гө жакын беренени камтыган чоң документ. Бүгүн биз негизги жоболор жөнүндө сөз болот.

Слайд 4. Ар бир бала атка, фамилияга, жарандыкка укуктуу.

- Аты-жөнүң барбы? Демек, сиз бул укукту колдонуп жатасыз.

**Ар бир бала төмөнкүлөргө укуктуу:**

Слайд 6.

- ата-энеси менен жашоого;
- балдар үй-бүлөдө тарбиялануга жана камкордукка укуктуу;
- Балдар бактылуу балалыкка укуктуу;
- Балдар психологиялык жана физикалык зордук-зомбулуктан корголууга укуктуу!!!
- Ата-эне балдарынын тарбиясы жана өсүп-өнүгүшүнө жооптуу. Алар балдардын ден соолугуна, физикалык, психикалык, руханий жана адеп-ахлактык жактан өнүгүүсүнө кам көрүүгө милдеттүү.
- Балдар эне тилинде сүйлөөгө, өзүнүн динин тутунууга жана өз элинин маданиятын сактоого укуктуу;

Слайд 7. Баланын ден соолугуна кам көрүү укугу бар.

Слайд 8. Ар бир бала бекер билим алууга укуктуу.

СЛАЙД 9. Ар бир бала эс алууга, ойноого жана маданий турмушка катышууга укуктуу.

- ***Силер бул укукту колдоносуңарбы?***

СЛАЙД 10. Баланын ден соолугуна, билимине жана коопсуздугуна коркунуч келтирген иштен коргоого укуктуу. Биздин өлкөдө 15 жашка чейинкилерди жумушка алууга болбойт.

СЛАЙД 11. Мамлекет баланы ата-эне жана башкалар тарабынан кордук көрүүнүн бардык түрүнөн коргойт.

СЛАЙД 12. Балдар оор кара жумуштан корголууга укуктуу;

СЛАЙД 13. Бала өзүнүн көз карашын, пикирин эркин билдирүүгө, маалымат алууга жана таратууга укуктуу.

Слайд 14. Баланын укуктары жөнүндө конвенция.

- Баланын укуктарынын сакталышы же бузулушу тууралуу турмушубуздан мисалдар менен эле айта албайбыз.

***Балдар мына бүгүн биз окуучулардын укугун жана милдеттерин билип жаздык, азаматтар!***

***Кырдаалды талкуулоо***

Мугалим. Г.Х.нын жомогун эстейли. Андерсендин "Гадкий утенок" (өрдөк)". Канаттуулар короосунун бардык тургундары бирдей укуктарга ээ беле? (Балдар жооп беришет.)

- Кичинекей өрдөктү эмнеге таарынтты? (Ал башкалардан абдан айырмаланып турган.)

- Элдин терисинин түсү, сырткы келбети менен өзүнөн айырмаланган, башка тилде сүйлөгөн адамга мамиле кылууга укугу барбы? (Балдар жооп беришет.)

**Психотренинг**

Бардыгы тегеректе турушат. Кошунанын көзүн карап, биринчи оюнчу: "Мен сенин коопсуздук укугуңду сыйлайм жана сени урбайм" деп айтышы керек. Маектеш башын ийкеп, ыраазычылык билдирип, кошунасына айтат (оюн тегерек боюнча жүрөт): "Мен сенин окууңа болгон укугуңду сыйлайм жана сени сабакта алаксытпайм...". Жана башкалар.

## ЖЫЙЫНТЫК ЧЫГАРУУ

Биздин мамлекет бардык элди мыйзам алдында бирдей деп жарыялайт. Адам өз укугун пайдалана алат, бирок башка адамдардын укугун бузбашы керек. Өз ара түшүнүшүү, бири-бирин урматтоо бардык чыр-чатактарды чечүүнүн бирден-бир жолу. Ушуну эстегиле балдар.

1. "Бала укугу ыйык"
2. Балдардын укугун коргоого жана алар үчүн кам көрүүгө ар бирибиз милдеттүүбүз!

**Сабактын жыйынтыгы:**

**Мугалим.** Бүгүн эмнени жаңы үйрөндүңөр? (Балдар үйрөнгөндөрүн эстеп айтышат). Суроолорго өз алдыбызча жооп беребиз:

1. Кайсы эл аралык документте балдардын укуктары камтылган?
2. Кандай негизги укуктарды билесиңер?
3. Баланын укуктарын камсыз кылуу үчүн ким жооп берет?
4. Окуучулар эмнеге укуктуу?
5. Окуучулар эмнеге милдеттүү?
6. Сабактан кандай жаңы нерселерди алдыңар?

**Балдардын укугун жана милдеттерин билип жүр!**

- "Балдардын укугун коргоого жана алар үчүн кам көрүүгө ар бирибиз милдеттүүбүз!"
- "Өз элинин маданиятын сактоого укуктуу"
- "Балдар бактылуу балалыкка укуктуу"
- "Балдар үй-бүлөдө тарбиялануга жана камкордукка укуктуу".
- Башка окуучулардын жана мугалимдердин ой-пикирин сыйлоого милдеттүү;
- Окуучунун кийими мектептеги талапка жооп бериши керек".

**Жыйынтыктоо:** Эми сабакты жакшы маанай менен жыйынтыктайлы.

Бүгүнкү сабагыбызда "Балдардын укугу жана милдеттери жөнүндө маанилүү сүйлөшүү болду. Кана балдар, бүгүнкү сабактан түшүнгөнүңөрдү айтып бергилечи.

- Балдардын кандай укуктарын үйрөндүңөр?
- Балдардын кандай милдеттери болот экен? *(Балдардын жообу)*
- Эгерде өлкөдө милдеттүү жүрүм-турум эрежелери жок болсо, анда баардыгы каалаган нерсесин жасай берет: мектепке барбай коет, алсыздарды таарынтат, айланасындагы адамдарды сөгүп, жаман сөздөрдү айтышат. Айткылачы, мындай өлкөдө силер жашагыңар келеби?
- 1989-жылы БУУнун Башкы Ассамблеясы Балдардын укуктары боюнча конвенцияны кабыл алган. Бул мыйзамдуу документ – келишим, аны кол койгондор аткарышы керек. Россияда канчанчы жылы кабыл алынган? Кыргызстанда канчанчы жылы кабыл алынган? *(Россияда 1990-жылы кабыл алынган, ал эми Кыргызстанда 2008-жылы).*

**Баалоо:** Окуучулар бааланат.

**Үйгө тапшырма:**

Балдар укуктары жөнүндө үйдө эссе жазып келгиле.



# Биздин үй-бүлөнүн салттары



**Бизин үй-бүлөнүн салттары**

**Сабактын максаты:**

**1. Үй-бүлөнүн коомдук, социалдык жана адеп ахлактык мааниси жөнүндө түшүнүк алат**

**2. Үй-бүлөлүк биримдикке, ата-энесин жана бир тууғандарын урматтап сыйлай билүүгө, үй-бүлө курууда жоопкерчиликтүү болууга тарбияланат**

**Сабактын жабдылышы:** Үй-бүлө жөнүндө макал-лакап, накыл сөздөр. Жазылган плакат. Сүрөттөр.

**Сабактын жүрүшү:** ( мүнөт)

**Уюштуруу:** Сабактын темасын, максатын түшүндүрүү

**2. Киришүү үчүн суроолор:**

Үй-бүлө курамы кимдерден турат? Үйүңөрдө кимдер бар?

Үй-бүлөңөрдө ким башкаруучу? Ким эң улуусу?

Үй-бүлөңөрдөгүлөрдүн туулган күндөрүн билесиңерби?

Үйүңөрдөгүлөрдүн толук аты, фамилясын билесиңерби?

Үй-бүлөңөрдө кандай салттар, адаттар бар?



**3. Мугалимдин сөзү:**

Үй-бүлө коомдун күзгүсү, бул жерже адамдар тарбияланып, мүнөздөрү калыптанып, эмгекке болгон мамиле бекемделип, улууларды урматтоо, кичүүлөрдү ызаттоо, идеялык жана маданият байлыктарыбызды барктоо сезими уялай баштайт. Үй-бүлөдөгү тынчтык – бейкуттук, сый-урмат эң кымбат нерсе. Эгерде үйдө тынчтык болсо, байлык да, максат да, бала да, бакыт да болот.



Мамлекеттин мыйзамы болгондой эле ар бир үй-бүлөнүн өзүнүн мыйзамы бар, демек мамлекетти президент башкарган болсо, үй-бүлөнү ата башкарса, ал үй-бүлөдө тартип, баланы тарбиялоо жана үй-бүлөнү каржылоо да жакшы жолго коюлат. Эгерде бардык жагынан топ келген үй-бүлөлөр көп болсо мамлекет да бекем, күчтүү болоору шексиз. Үй-бүлө мамлекеттин ячейкасы. Үй кирпичтен куралган сыяктуу, үй-бүлөдөн мамлекет куралат. Үй-бүлөдө мамлекеттин келечек жарандары өсүп тарбияланат.

## Бышыктоо

**4. Макал-лакап, накыл сөздөр:**

Тарбия, салт-санаа, келечекке жол үй-бүлөдөн башталат. Бир үй-бүлөдө чоңойгондордун өздөрүнө мүнөздүү адаттары, кылык-жоруктары болот. "Жакшы үй-бүлөдөн чыккан" деген сөз менен адамга ишеним пайда болот.

Эмесе үй-бүлө жөнүндө макал-лакаптардан айтып көрөлү:
Үйдүн кулу да, падышасы да өзүнүсүн, андыктан кулдай иштеп, падышадай жаша.

Бала бактысы ата-эне мээриминде, ата-эне бактысы баласынын ийгилигинде.

Ата-эненин кадырын, балалуу болгондо билерсиң. Агайындын кадырын, жалалуу болгондо билерсиң.

Уядан эмнени көрсө, учканда ошону алат.

Ата көргөн ок жонот, эне көргөн тон бычат.

Уул жакшысы – урмат, кыз жакшысы – кымбат.

Эне сыйллаган элге жагат, ата сыйлаган абийир табат.

Эне – үйдүн куту, ата- аскар тоо.

Аганы көрүп ини өсөт, эжени көрүп синди өсөт.

## Жыйынтык тоо

Балалуу үй- базар, баласыз үй – мазар.

Бейиш эненин таманы астында.

Ар бир макалды талкуулап, манисин окуучулар чечмелейт жана муғалим толуктайт.




Атаныкы үй-бүлө тактысы,
Эне деген үй-бүлө бактысы.
Чогултат ынтымак менен ырыскы,
Бирдикте болсо баарысы.

Үй-бүлөдө болсо ынтымак,
Ырыскы бүткүл чогултат.
Жылмаюу кетпей жүзүңдөн,
Бактылуу өмүр курушат.

# Мекенчилдикке тарбиялоо

# Ынтымактуу кошуна болуу



# Ынтымактуу кошуна болуу

**Сабактын макеты:**

- Коошунага кандай мамиле жасоо керек экендигин түшүнүшөт;
- Тестти окуп, анын мазмунун түшүнө алат;
- Окуучулар өз ойлорун эркин айтууга үйрөнүшөт.

**Сабактын жабдалышы:**

Тексти боюнча тартылган түстүү сүрөттөр, эки ватман, эки маркер (кызыл, көк), темага байланыштуу таркатмалар ж.б

**Сабактын ыкмасы:** Багыттап окутуу

**Сабактын жүрүшү:**

**Мугалим:**



Жаш жеткинчек, сен жокорку муундардан өрнөктүү тарбия алсаң бараалыңа келгенде татыктуу инсан болооруң талашсыз. Ал үчүн сен талбаган изденүү, билим, таалим- тарбия менен ар дайым алга умтулууң керек. Сага берилээр бул адептик тарбия кошуна менен кандай мамилеле болуу жөнүндө.

Элибизде айтылып жүргөн «Аталашган айылдаш жакын», «Алыстагы туугандан, жакындагы кошуна артык», «Конуш тандаба, кошуна танда» дегне сыякктуу учкул сөздөр кошуна-колондук ынтымак жөнүдөгү; даанышман айтылмалар болуп эсеителет эмеспи.

Дүйнөдө жашаган ар бир инсан билет эмеспи, адамга кошунадай жардамы тие турган эч ким жок. Ата-бабаларыбыз: «/й алба, кошуна ал» дешкен.

Кошуна кошунанынколун мауктаж» дешкен жана бул

сөздөрдөн маанисин Курандан да алышкан. Пайгамбар өз хадисинде, «Кошунаң ач болгон убакта сен ток болуп, таң атырганың ыймандуулукка жатпайт» - деп айткат.

Канча үй силерге кошуна болот ? Оң тараптан кырк үй, сол тараптан кырк үй силерге кошуна болот. Ар бир инсан төрт тараптан кырк үйдөн кабардар болот.

Мусулманчылыкта кошуна акысы ушндай улуу. Кошуналарга анын кайгысы тең болүшүп, кубанычына ортоктош болбой сүйүнгөн адам адептүү болбойт.

Өзүң үчүн каалаган жакшы иштерди кошунаң үчүн да каалагын. Төмөндөгү рибаяттан кошуна кандай мамиле жасоо керектиги жөнүндө түшүнүк алсаң болот.

**Талкуу үчүн текст:**

## КОШУНАНЫН АКЫСЫ УЛУУ

Азирети Умардын уулу Абдуллах бир күнү төө сойдут Төө сойулуп эти жиликтенди. Абдуллах кызматкерлерине:

-Кошунабызды унутпагыла, - деди жана арадан бир аз убакыт өткөндөн кийин даты, «кошунабызды Унутпадынарбы?» деп сурады.

Кызматкер:

-Урматтуум, азыр эле айттыңыз эле. Кошунага эт бөлүп койдук, азыр алып барып беребиз, -деди.

Үч-төрт мүнөт өтүп Абдуллах кызматкерди чакырды да «кошунанын акысын бердиңби?» - деп сурады.

Абдуллах:

-Кошунанын акысы жөнүндө көп насаат айтылат Дайыма кошуна кошунанын малына мураскор болот, - деди.



**Ой жүгүртүү үчүн суроолор:**

1. Абдуллах эмне үчүн кайра-кайра кошунага эт бердиңерби деп сурады деп ойлойсуңар?

2. Кызматкер эмне үчүн анын себебин сурады?

**Талкуу үчүн текст:**

## КОШУНАНЫН БАЛАСЫ

Тилек менен Кушубск кошуна жашайт. Бир күнү алар жолду чаңдатып ойноп жүрүштү. Анан чарчашты.

-Чыбыктан ат минели, -деди Тилек. экөө кетишти. Тилек короодогу талдан сындырайын деп ойлоду Бирок аяды. Атасы керсе тилдет да. Анан ал Кушубектии короосун карады. Эч ким көрүнббйт. Жашырынып чуркапкелип алардын талынан сындырып алып. короонун тешигинеч сойлоп чыгып коле жатса алдынан Кушубек жолукту. Экөө сүзүшүп калышты. Ал дагы талдан сындырып алыптыр. Тааныды, көрсө Кушубек да өзнүкүн аяп. Тилектин короосунан сындырганын эми түшүндү. Ошентип, экөө бири- биринен аябай уялып калышты. Анан ойнобой эле үйлөрүнө тарап кетишти.



**Ой жүгүртүү үчүн суроолор:**

1. Эки кошуна эмне үчүн бири-биринин талынан сындырып алды?
2. Экөө эмне үчүн ойнобой эле кетип калышты?

## НУСКА СӨЗДӨР

Кошуначылыктын белгиси алыш-бериш,
Досчулуктун белгиси барыш-келиш.

Кошунасы жаман үйүн сатат.

Кошунанын ити кошунаны тиштебейт.

Кошунаң тынч болбосо сенде кайдагы уйку.

Кошунан менен көрктүүсүң.

Кошунаң илээнди болсо, өзүңө чыйрак бол.

**Тапшырмалар:**

1. Нуска сөздөрдү окуп, талкуулагыла.
2. Ынтымактуу кошунаңар жөнүндө айтып бергиле.



# Жаратылышты сүйүүгө тарбиялоо

У. Мурзакматов атындагы Шапак орто мектеби

# Тарбиялык саат

Темасы: **"Жаратылыш жан досум"**



Кл. жетекчи: Жамакеева М.

**Сабактын темасы:** *Жаратылыш жан досум*

**Сабактын максаты:** Окуучулар жаратылышты сүйүүгө жана ага этияттык менен мамиле кылууга,табигый байлыктарды сарамжалдуулук менен пайдалана билүүгө үйрөнүшөт; жаратылышка анын кубулуштарына кызыгып байкоо жүргүзүүгө тарбияланышат .

**Сабактын жабдылышы:** сүрөттөр , буклеттер.

**Сабактын жүрүшү:**

**Уюштуруу.**

Сабактын темасы жана максатын окуучуларга түшүндүрүү.

**Жаны тема:**

Мугалим сабакты балдар менен маектешүүдөн баштайт.

- Балдар , табият , жаратылыш дегенде эмнени түшүнөсүңөр ?
- Табигый байлыктар – деген эмне ?
- Жаратылыштын кубулуштарын атагылачы
- Экология – деген кандай илим ?
- Табият менен тарыхтын кандай байланышы бар деп ойлойсунар?

Мугалим табиятты коргоонун зарылдыгы эмнеден келип чыгып жаткандыгы жөнүндө түшүнүк берет.

Табиятты коргоо , курчап турган чөйрөгө сарамжал мамиле кылуу азыр бүткүл дүйнөдө эң маанилүү жана актуалдуу маселеге айланып олтурат . Атмосферанын жалпы жылууланышы , жыл сайын жана туруктуу болуп турган техногендик алааматтар , биосферанын кескин начарлашы

адамдарды Жер планетасынын тагдыры жөнүндө ойлонууга аргасыз кылууда. Мына ушул маселелердин жана көйгөйлөрдүн бардыгы кыйла даражада бизге кыргызстандыктарга да таандык .

Балдар , биздин өлкөбүздүн табиятын сүрөттөп бергилечи . М : Бийик тоолор , сулуулугу кайталангыс токойлор , тоо ылдый буркан – шаркан түшкөн мөлтүр тунук дарыялар , бийик тоолордо кайталангыс көлдөр , мисалы Соң-Көл , Сары – Челек .Бай жаныбарлар жана өсүмдүктөр дүйнөсү. Анын ичинде табиятыбыздын бермети болгон Ысык – Көл .

Тилекке каршы , соңку мезгилде табигый ресурстарды коргоого талаптагыдай көңүл бурулбай калгандыктан тоолордогу жана адырлуу зонадагы токойлордун абалы өзгөчө кооптонууну пайда кылат . Бак – дарактар жөнү жок кыркылып , отун кылуу максатында же курулуш иштерине пайдалануу үчүн жырткычтык менен кыйылып жатты . Ал эми адам баласынын турмушунда жашыл бак – дарактар , токой маанилүү ролду ойнойт . Балдар , силер биология сабагын окуйсуңар , бак дарактар адам баласынын жашоосунда отун же курулуштан башка кандай пайдасы бар ?

Улуу окумуштуу илимпоз К.А.Тимирязев "Бак- дарак жер жүзүндөгү жашоонун булагы "- деп айткан Чындыгында эле бардык жаныбарлар дүйнөсүнө азык берип, алар жаратылыштагы ным алмаштырууга жардам берет, климатты жакшыртат, атмосфералык абаны кислород менен байытат, буларсыз жер бетинде жашоого болбойт.

**Бышыктоо.**

Балдар табиятка же жаратылышка аяр мамиле жасалбаган учурларды кайсы жерлерден көп кезиктиресиңер, жана аларды коргоо боюнча кандай оюңар бар?


1. Биздин мектептин айланасында кандай дарактар отургузулган жана жазында кандай көчөттөрдү отургузабыз
2. Суу сыйлаган зор болор, суу кордогон кор болор деген макалды турмушта кандай пайдаланабыз?
3. "Канаттуулардын уясын бузуп, балапандарын өлтүрбөгүлө канаттуулар каргайт"-деген түшүнүккө кандай мамиледесиң

**Жыйынтыктоо:**

Окуучулардан жогорку суроолорго жооп алгандан кийин мугалим сабакты төмөндөгүдөй жыйынтыктаса болот. Табият мнен таттуу мамиледе болуу окуучулардын жан дүйнөсүн тазартып руханий бийиктикке көтөрүлүп, адам жаратылыштын бир бөлүгү экендигине ишенет.

# Коп Маданият-туулукка тарбиялоо

# КИТЕП-



# БИЗДИН ДОСУБУЗ

# Китеп – биздин досубуз

Максаты: окуучулардын патриоттук эстетикалык сезимин тереңдетүүдө китептин эбегейсиз ролун түшүндүрүү. Китеп окуунун маданиятына үйрөтүү. Китеп эмнеден жасаларын, анын келип чыгыш тарыхы, ал билим булагы экендигин, аны баалай-сактай билүүгө жана аяр мамиле жасоого үйрөтүү.

Китепти жакшы сактоого, таза кармоого, китепти сүйгөн окуучулардан болууга тарбиялоо.

Жабдылышы: Сүрөттөр, макалдар, ырлар, эмблема, китеп көргөзмөсү, жомок, аңгемелер.

Түрүнү: Уюштуруу иши.

Мугалим: Саламатсыздарбы, бүгүнкү «Китеп – биздин досубуз» аттуу тарбиялык кечебиздин коноктору жана катышуучулары. Анда эмесе 4-класстын окуучулары тарабынан даярдалган кечени ачык деп жарыялайбыз.

Гимн: Кыргыз Республикасынын гимни ырдалат

«Алиппе» окуу китебини автору менен маек

Декламация:

Китеп –менин тунук таза булагым,  
Китеп – менин өчпөс жарык чырагым.

Тенирберди:

Көптү окуп, көптү билип китептен,  
Мекениме талбай кызмат кыламын.

Китепти сүй, баркын бил,  
Китептин көп акылы.  
Ким китепке дос болсо,  
Ал ошонун жакыны.

Китеп керек айылга да шаарга,  
Китеп керек балага да, карыга,  
Китеп жардам берет баарына.

Хор: «Китеп»

Мугалим: Өзүңөр ырдап өткөндөй биздин акылыбыз, жакыныбыз болгон китеп эмнелерден жасалат?

Окуучу: Китеп кагаздан, ал эми кагаз жыгачтан жасалат. Китепти жасоого көп эмгек жумшалат. Ошондуктан китепти этияттап урунуу керек.

Китептин эмнеден жасаларын айтып өтөт, түшүнүк берет.

Көрдүңөрбү, балдар, китепти жасаш үчүн көп эмгек талап кылынат экен:

- Китеп качан пайда болгон?
- Китептин качан келип чыгыш тарыхын айтып бергилечи?

Россияда китеп басып чыгаруу 1564-жылы башталган. Биринчи китеп басып чыгаруучу Иван Федоров деген киши болгон. Ал басмакана уюштурган, ар бир тамганын шрифтерин түзгон. Бүт жумуш кол менен аткарылган. Ошондой басмаканадан чыгарлган китептердин саны аз болгон. Азыр болсо бир күндо бир нече миңдеген китептерди чыгарышат. Адамдар китеп басып чыгара турган автоматташтырылган машиналарды ойлоп чыгарышты.

Көрдүңөрбү, балдар, биринчи китеп бизге чейин кол менен аткарылгандыктан, силерге окшогон балдарга китеп жетишсиз болгон. Азыр силер китептин түрлорүн окуп жатасыңар, заманыбыздын бактылуу балдарысыңар. Андыктан китепти барктай билүү керек.

Көркөм окуу

Эрмек:

Мына ушул алтын китеп,
Адамзат ушундан ар кыл акыл күтөт,
Бул китепти окуган айга, күнгө да жетет.

Айперис:

Билим кени - китеп,
Тарбия кени - мектеп.
Ким китепти коп окуса,
Ал көптү билет.

…зат

Китептен биз билебиз бардыгын,
Китеп бул түгонбогон билим кенчи,
Китептин көп окуган көптү билет.

Ынтымак

Андыктан аны барктай билүү керек.
Китеп бизге чын жолдош.
Китеп бизге анык дос,
Пайдаланып китептен,
Акылына акыл кош.

Кенжеке:

Чечен кылып сөзүмдү,
Сен ачкансың көзүмдү.
Акырындап ойготтуң,
Уйкудагы сезимди.

Инсценировка: «эки китептин маеги»

…лып баруучу: бир күнү эки китеп жологушуп маектешип калышты:

1-китеп: Кандай досум? Көрүшпөкөнүбүзгө көп болду. Ии... эмне өңүң зып, кумсарып, жүдөп алыпсың? Арыктап да калгансыңбы? Жашооң деги андай?

2-китеп: - Ээ, досум, менде айтсам арман коп. Басмаканадан чыккан соң каман окуучуга түш болдум. Ал мени сырттан кармамак турсун, арактарыма чийип, атын жазып, боеп, керек болсо жалкоолугу кармаганда ашырма аткарбаш үчүн барактарымды айрып салат, сыртымды этимден бак эле бөлүп салган, класстагылардын баарынан уялам.

Ал бала «3» тү кээде эле албаса, алган баасы «2».

А, өзүң жөнүңдө айтчы, оңүң жакшы жылтырайт, семирип да калыпсың.

1-китеп - Мен болсо жакшы окуучуга туш болдум. Ал мени алган күндөн баштап сыртымды сырттап, окуп, токтогон жерине закладка коюп, барагымды бүктөбөй, кадырлап кармайт. Барактарымдын бетинен бир да жазуу-чийик көрбөйсүң. Колун самындап таза жууп, анан окуйт мени. Эркелетет, анткени, окутам мен аны жалаң «5» ке.

Бул жомокто табышмак жок,
Китептерде айып жок.
Кандай окуучу экениңди,
Жандырмагын өзүң, талда!

Мугалим: - Балдар, кана жомоктун жандырмагын тапкылачы? Ким *китептин душманы?*

Китептин душманы

А. Осмонов

Алтынай:

Ким китепти кирдетсе,
Китеп баркын билбесе,
Жулуп алып барагын,
Орой салса бир нерсе.
Ал - китептин душманы.

Махабат:

Ким китепти сүйбөсө,
Кадырына күйбөсө, .
Барактардын шарт айрып,
Калжаң-кулжаң, сүйлөсө,
Ал - китептин душманы.

Ким китепти кордосо,
Ырайымы болбосо,
Сороттерүн уурдаса,
Уурдап конгон колдорчо.
Ал – китептин душманы.

Мугалим: - Бардыгынан Ким жаман?

Хор: - Китепти жырткан шум жаман.

Мугалим: - Китепти сүйгөн балдардан,

- Наалат алсын ал адам! - Ал китептин душманы

Инсценировка «Китептин баркын билели»

Биздин залкар жазуучуларыбыз китеп жөнүндө көптөгөн ырларды жазышкан, эң сонун ойлорду айтышкан. Бүгүн сабакта ошол ырлардан айтып көрөлүчү.

Азыркы күндөгү көрүнүштөн «Атасы менен баласы»

«Китепти оорутпайм»

Улуу адамдардын айтканынан угалычы.

Китеп окуган, эч нерсе окубаган адамдан алда канча жогору турат.

Адамдар китеп окуганды таштаса, анда алар ой ойлонуудан да калат.

Бул кылымда китептен сүйүктүү дос жок.

Мен үчүн китеп алтын тактаган да кымбат.

Китеп адам жанына чындыктын үрөнүн себүүчү курал.

Билимден ашкан күч жок.

Элибизде китеп, билим жөнүндө кандай макалдар айтылып жүрөт?

Камила: Акыл айга жеткирет, өнөр көккө жеткирет.

Билими күчтүү миңди жыгат, билеги күчтүү бирди жыгат.

Китеп – билим булагы, билим – өнөр чырагы.

Китепсиз билим жок, билимсиз өмүр жок.

Ким көп окуса, ал көптү билет.

Билимдүүнүн түнү - күн, билимсиздин күнү - түн.

Китеп – мүлк, оокат, нан, китеп окубаган адам ал – наадан.

Китеп – Билим, билимиң менен баалан.

Табышмак айта билебизби?

Китеп бизди эмнеге үйрөтөт жана бизге эмне берет? Окуучулардын жооптору талкууланат.

Китеп билим берет деп жатабыз, кайсы убакта окуу керек?

Мектептен келип тамактангын, бир аз эс алгын, ойногун.

Ушундан Кийин чарчаганың жоголуп, эс ала түшөсүн, анан сабак окусаң болот.

Мугалим: Кайсы жерде окуу керек?

Үйдө бир көнүп калган жериң болот. Сабакка киришкенге чейин 5 минута калганда сабакка даярдыгыңды текшерип чык. Карандаш, дептер, сызгыч, китеп баары барбы? Жарык сол жактан түшкөндөй болсун, столдун үстүндө ашык нерселер болбосун.

Мугалим: Эмнеден баштоо керек жана кантип аяктоо керек?

Алгач сен үчүн анча деле кыйын эмес сабакты окугун, андан кийин эң ооруна кириш. Сабакты жакшы түшүнө баштасаң, анда эч нерсеге алагды болбоого аракеттен. Сабакты жакшы түшүнбөй бара жатсаң, анда эң жеңил деп эсептеген предметти окугун.

Сабактан барын окуп, тапшырмаңды аткарып бүткөн соң, кочого чыгып ойно. Көбүнчө кыймылдуу оюндардан ойногун, анда да активдүү бол.

Кайталоо – окуунун энеси. Оор материалдар болсо, аны жатканга 1 саат калганда, же көбүнчө эртең менен туруп кайталагын. Эң оор жерлерин мектепке бара жатып жолдон дагы бир жолу эсиңе түшүргөнүң оң.

- Окуунун ритми.

Баарынан мурда өзүң калыптанып калган сабактагы ритмди сакта. 45-50 минут иштеп, анан эс ал. Эс алуу убагында дене тарбия боюнча бир нече көнүгүү жаса. Пол жуугун, гүлдү сугар, кыскасы эс алууну 10 минуталан ашырба.

- Көрдүңөрбү, балдар, терең билимдин негиздери ушул эрежелерди сактаганда гана жаралат.

- Кана, балдар, кимиңер өзүңөр жазган жомок, аңгеме, табышмак, макалдардан окуп коесуңар?

- жомокторун окушат.

- Балдар, китеп, дептерге дыр мамиле жасап, Н.К.Крупскаянын «Китепти күтүп ал» деген сөзүн дайыма эсибизге тутушубуз керек.

- Ошону менен бирге окуучулардын сиздер үчүн даярдаган ыр, бийлерине көңүл буруп коюңуздар (Окуучулар ырдап, бийлеп беришет).

Ушул китеп — улуу кондор жемиши,
Билимдүүгө терең билим деңизи.
Жалао акыл — пасаат сөздөн түзүлгөн.
Шуру сымал жибек жипке тигилген.

Ким китепти окуй билсе түшүнө,
Эки дүйнө жарык берет ишине.
Мындан артык мурун китеп бар беле,
Жаралабы кийин буга тең тете.

Калича:

Эгер чыкса андай белдүү азамат,
Данктаганга мен даярмын кубаттап.
Китеп көп араб, тажик тилдеринде,
Бул — китеп эң биринчи биздин тилде,
Билимдүү бул китептин баркын билет.
Окуган акыл-оюн эске түйөт.

Окуу, окуу жана окуу!
Айткан ата -- бабабыз
Ал ураанын, ал ураанын
Биз аткарчу балдарбыз.

Эрмек:

Мына бул — алтын китеп,
*Адамзат ушундан ар кыл акыл күтөт.*
Бул китепти окуган Айга, Күнгө да жетет.

Малика

Ойлойм өсөт акылым,
Окуй берсем күндө эле.
Китеп менен дос болуп,
Кирем кызык дүйнөгө.

Китепти окуган — арыштайт, өзөт.
Айга колун созот.
Анткени, китеп акылга акыл кошот.

Сүттөй таза тилеги,
Деңиздей талабы,
Коктой тунук акыйкат,
Анын ар бир барагы.

Таалайдын нурун көрсөтүп,
Чакырып турат келчи деп.
Арамдыктан тазалап,
Жакшылыкка үндөчитет.
Ошондуктан баркын бил,
Кирдетпестен бир четин.
Сыя тогуп булгабай,
Таза сакта китепти.

# Эстетикалык тарбиялоо

У.мурзакматов атындагы Шапак орто мектеби

## Тарбиялык саат

# Баатырлар эл сыймыгы

# Эмгекке тарбиялоо

# ДҮЙНӨ АДАМДАРЫНЫН АЧЫЛЫШТАРЫ

*"Билимдүүлүк баарын жеңет"*




**Класс жетекчи: Асанкадырова Айжаркын Ж.**

## ТЕМА: "ДҮЙНӨ АДАМДАРЫНЫН АЧЫЛЫШТАРЫ"

**Сабактын максаты:**

**Билим берүүчүлүк:**

1. Окуучуларга илим, билимдин кадыр-баркын сездирүү, терең билим алуу аркылуу көптөгөн жакшы ийгиликтерге жетишүүгө. Түрдүү өнөрлөргө ээ болууга мүмкүн экендигин түшүндүрүү;

**Байкоо жүргүзүү жана салыштыруу.**

**Класстык сааттын милдеттери:**

*Өнүктүрүүчүлүк:*

- Илимий ачылыштарга олуттуу мамиле жасай билүүгө чакыруу;
- Ой жүгүртөт, баяндап айтат, сөз байлыгы өсөт;
- Окуучулардын дүйнө таануусун, сүйлөө көндүмдөрүн калыптанат;

*Тарбия берүүчүлүк:*

- Кругозорун кеңейтүүгө умтулууга, бириMдикке, ынтымактуулукка, эмгекчилдикке ж.б. асыл сапаттарга тарбиялоо;
- Мекенин сүйүүгө, патриоттуулукка, намыскөйлүүлүккө үйрөнүшөт.

**Күтүлгөн натыйжалар:**

- Окуучулар мугалимдин жардамы менен биримдик, ынтымактуулук деген эмне маанисин жана ордун түшүнүшөт.
- ***Баалуулуктарды сиңирүү:*** Өз элинин улуу инсандарынын өмүрүнө,

чыгармачылык сезимдердүүлүгүнө шыктануу сезимин ойготот, мазмунун тушүндүрүү; өз ара байланыш, баарлашуу көндүмдөрүн өнүктүрүү (башкалардын пикирин урматтоо, уга билүү жөндөмү).

***Класстык сааттын жабдылышы жана корсотмолуулугу:*** "Дүйнө адамдарынын ачылыштары" тууралуу макал-лакаптар, флипчарт (ватман), скотч, маркерлер.

***Класстык сааттын тиби:*** Жаңы билимдерди үйрөтүү сабагы.

***Класстык саатты өтүү методу:*** интерактивдүү метод.

***Уюштуруу формасы:*** Индивидуалдык, фронталдык.

**Сабактын усулу:** сынчыл ойломдуу өстүрүү, интерактивдүү усул.

**Сабактын формасы:** аралаш сабак.

**Сабактагы предмет аралык байланыш:** Тарых, кыргыз тили, кыргыз адабияты жана музыка.

**Колдонулуучу методдор:** түшүндүрүү, практикалык.

**Сабактагы негизги иш-аракеттер:**

"Дүйнө адамдарынын ачылыштары" тууралуу окуучулар менен ой бөлүшүү.

- "Дүйнө адамдарынын ачылыштары" тууралуу макалдардын маанисин чечмелөө.

**Сабактын негизги идеясы:** "Дүйнө адамдарынын ачылыштары" жөнүндө, окуучуларга түшүндүрүү.

**Тарбиялык сабактын жүрүшү: Уюштуруу.**

Саламдашуу. (класста жагымдуу жагдай түзүү)

Классты толуктоо, келбегендерди журналга белгилөө.

**Мугалим:** Балдар! Бүгүн "Дүйнө адамдарынын ачылыштары" деген темада тарбиялык саат өтөбүз.

- Дүйнө адамдары дегенде кимдерди түшүнөбүз?
- Ошондой адамдарды билесиңерби?

Адамдар байыртан эле жаратылыш сырларына кызыгып, аларды ачууга, жашоо-тиричилигине колдонууга аракет кылып келишкен. Алгач отту пайда кылып, жагууну, тамак бышырууну, жумушчу жана аңчылык куралдарын ойлоп табышкан. Бара-бара сурот тартуу, жазуу, окууга уйронуп, илимий ачылыштарды жасай баштаашкан.

Бүткүл дүйнөлүк өтө жогорку деңгээлдеги илимий ачылыштарга Нобель сыйлыгы ыйгарылат. Бул эл аралык сыйлык Щвециялык инженер-химик Альфред Нобельдин 1895-жылдын 27-ноябрында жазган мурас кагазынын негизинде уюштурулган.

Бүгүн адамзаттын турмушуна, аң сезиминин өсүшүнө олуттуу таасири тийген ачылыштар жасаган адамдардын бир нечеси менен таанышабыз:

1. Вильгельм Рентген – эң алгачкы Нобель сыйлыгынын ээси (1901-жыл), немец экспериментатор-физиги,

«рентген нурларын» ачкан. Азыр бул нурлардын жардамында адамдын ички органдарынын, сөөктөрүнүн сүрөттөрүн тартып алуу менен ооруусун аныктап дарылоо эн көп колдонулат.

2. Николай Коперник – польшалык окумуштуу-астроном, XVI кылымдын жарымында Жер Күндүн айланасында жана өзүнүн огунда айланаарын айткан. Ошону менен Жердин планета экендигин далилдеген.

3. Демокрит – байыркы грек окумуштуусу, биринчи жолу бизди курчап турган нерселер эн кичине бөлүнбөс бөлүкчөлөрдөн – атомдордон турат деген ойду айткан. «Атом» деген сөздү грек тилинен которгондо «бөлүнбөс» дегенди билдирет.

4. Исаак Ньютон – англиялык окумуштуу, физикада көптөгөн өтө маанилүү эмгектери бар, алардын бири ак жарыктын жети түскө ажырашын илимий түрдө негиздеген. Жаандан кийин күн ачык тийип калса, "асан-үсөн" же "күндүн желеси" деп аталган түрдүү түстөгү тилке пайда болгонун көрүп жүрөбүз.

5. Альберт Эйнштейн - Анын эмгектери азыркы физика менен техниканын ажырагыс бөлүгүн түзөт. Нобель сыйлыгынын лауреаты (1921). «Броун кыймылдары» деген эмгегинде молекулалардын жана алардын кыймылдарынын реалдуулугунун аныктыгын далилдеген.

**Кыргызыстандагы белгилүү болгон чыгаан инсандар абдан көп,**

1. Кыргыз дарыгерлеринин алпы Иса Ахунбаев 1950-жылдары Орто Азия чөлкөмүндө биринчи ирет жүрөккө ийгиликтүү операция жасаган дарыгер катары белгилүү. Жана ошондой эле илимий изилдөөлөрү негизинен балдардын аппендицитине, эндемиялык богок, эхинококкоз, жана жүрөк оорууларына арналган.

2. Арабай уулу Эшенаалы (Арабаев Ишенаалы) (1882-1938) - 20-кылымдын башындагы илим менен маданияттын өкүлү. Ишеналы Арабаев кыргыз жазуусунун башатында турган, алгачкылардан болуп кыргыз тилине Алиппе» жазган. Түркolог-лингвист; кыргыз тил илиминин негиздөөчүсү.Эң алгач араб алфавитинин 25 тамгасынан түзүлгөн. Анда биринчи жолу башка тилдерден кирген сөздөр үчүн «х», «ф», «п» үнсүздөрү колдонулат.

3. Салиева Уркуя 1910-жылы азыркы Ноокат районунун Мүркүт кыштагында туулган. Совет бийлигин чындоо үчүн күрөшкөндөрдөн. Кыргыз кыз-келиндеринин ичинен биринчилерден болуп комсомолго, кийин партияга өткөн. Эзүүчү таптарга каршы жана аялдарды азаттыкка чыгаруу үчүн күрөшкөн. 1928-жылы Мүркүт айыл кеңешинин төрайымы болуп шайланган. 1929-жылы райондогу алгачкы «Кызыл-Аскер» колхозун уюштурган. 1934-жылы Кыргыз АССР БАКнын мүчөсү.Тап душмандарынын колунан курман болгон.

4. Кыргызстандын залкар уулу, дүйнөгө аты таанымал белгилүү жазуучу, коомдук жана мамлекеттик ишмер.

**Сабактын жыйынтыгы:**

**Суроолорго өз алдыбызча жооп беребиз:**

1. Дүйнө адамдары дегенде кимдерди түшүнөбүз?
2. Ошондой адамдарды билесиңерби?
3. Олуттуу таасири тийген ачылыштар жасаган адамдардын атын атагылачы?
4. Кыргызстандагы чыган инсандарды кимди билесиңер?

**Бабалар сөзүн билип жүр!**

1. "Илим - ийне менен кудук казгандай".
2. "Илим – окуу булагы, өнөр – турмуш чырагы".
3. "Илим акылдын кайрагы".
4. "Адамды сөзүнөн тааныбайт, ишинен тааныйт".
5. "Илим өнөрсүз болбойт, куш канатсыз болбойт".
6. "Илимдин падышасы – акыл, сөздүн падышасы – макал.
7. "Адал эмгек абийир таптырат, арам эмгек азабын тарттырат".
8. Адамды сөзүнөн тааныбайт, ишинен тааныйт.

**Жыйынтыктоо:** Мына балдар, бүгүн биз "Дүйнө адамдарынын ачылыштары " деген темада кеп кылдык. Демек, ар кимибиз жакшы инсан болгонго аракет кылып, жакшы окуп кыргыз элибиздин чыгаан инсандарынан бололу.

У. Мурзакматов атындагы Шапак орто мектеби

Текшерилди!

# Тарбиялык саат

## Темасы: Алтын күз



**Сабактын темасы:** *Алтын күз*

**Сабактын максаты:**

1. Балдар ар бир мезгилдин баалуулугун, айлана-чойронун озгоруусунун адамдарга таасирин тушунот.
2. Кузундосу аткарылуучу иштер жонундо ой-жугуртуп, ата-энесине жардам беруу парз экендигине ынанышат.
3. Жаратылышты суйууго, аны коздун карегиндей сактоого тарбиялоо.

**Сабактын жабдылышы:** Кузгу пейзаж сороттору.

**Сабактын журушу:**

1. Уюштуруу:

   Алтын эрежени кайталоо.

2. Суроо-жооп:
   - Кайсы жыл мезгилин жакшы коросунор?
   - Куздо басымдуулук кылган тус кайсы?
   - Эмне учун кузду «алтын» деп аташат?
3. Мугалимдин созу:

   Ар бир мезгилдин оз коздугу, артыкчылыгы бар. Биздин жергебизде да азыр куз мезгили. Айланада сары-кызыл тустуу жалбырактарды ото коп коробуз. Андан башка жылуу жактарга учуп кетип жаткан куштар.

   Ал эми талаада эгин, жашылчаларын жыйнап жаткан дыйкандар. Мал багып жургон адамдар. Мунун баары айлананы шанга болоп, озунчо коздук тартуулайт.

4. Топтордо иштоо:

   Класс уч топко болунот. Ар бир топтон бирден окуучу чыгып томонку суроолор боюнча кластер тузушот:

   1. Куздогу кубулуштар
   2. Куздо аткарылуучу жумуштар.
   3. Куздо откорулуучу майрамдар

Куздо аткарылуучу жумуштардын копчулугу кышка даярдыкка байланыштуу.

Отун-суу камдоо, болмолорду жылуулоо, жылуу кийим даярдоо ж.б.

Ал эми кузгу майрамдарга билим майрамы (1-сентябрь), карыялар куну, дагы кайсы майрам бар экенин озунор улагыла.

Кузгу окуя:

Инсенировка: жасалма даракка жалгыз жалбырак илинген. Ар бир кесип ээси бул жалбыракка келип озунун кесибине мунездуу гана созду айтат. Мисалы, Акын: Жалгыз жалбырак-сен омур учун курошкон кучтуу жансын, сен да мен сыяктуу жалгызсын, бирок тируусун жана коозсун.

Биолог: бул жалбырак – жазы жалбырак, аба-ырайына байланыштуу жашыл пигменттер жоголуп сары туско айланган.

Математик: бул жалбырак- симметриялуу фигура, анын аянтын эсептоо бир аз татаал. Ж.б. ушинтип улантасынар...

Жыйынтыктоо:

Куз айрыкча айыл жеринде кооз болсо керек. Бышып ийилип турган алмалар да озунчо эле керемет. Берекелуу куздо жайнаган жашылча-жемиштер, молчулук, токчулук болот. Ушунун белгисиби кузундо тойлор да коп болот.


«Куз курош» дегендей кузундо жумуш да абдан коп болот. Жыйым-терим иштеринде ата-энебизге жардам беребиз. Жалкоолук кылбай, убагында жыйналып алынган эгин-тегин мол болот. Ошондуктан ата-энебиз биздин жардамыбызга муктаж.

# Сергек жашоого тарбиялоо

У. Мурзакматов атындагы орто мектеби

# Класстык саат

**Тема:** *Мен жана менин ден соолугум*



| | |
|---|---|
| Темасы | Мен жана менин ден соолугум. |
| Максаты | Биринчи байлык — ден соолук деген түшүнүк боюнча окуучулардын билимдерин кеңейтүү. |
| Багыты | Турмушта колдонуу |
| Принциптери | Турмуш м-н бай-к принциби. |
| Формасы | Тарбия оюндары |
| Методу | Аңгемелешүү |
| Этабы | 2 |
| Каржы булактар | Атайын каражаттар. |
| Баалоо | Дискуссиялар. |

**Сабактын темасы:** «Мен жана менин ден соолугум»

**Сабактын максаты:**

1. "Биринчи байлык – ден соолук" деген түшүнүк боюнча окуучулардын билгендерин кеңейтүү.
2. Окуучулардын ой жүгүртүүсүн, сынчыл ойломун, сүйлөө речин өстүрүү.
3. Ар бир окуучуну өз ден соолугу жөнүндө кам көрүүгө, аң сезимдүүлүккө тарбиялоо.

**Сабактын жабдылышы:** плакат "Биринчи байлык – ден соолук", сүрөттөр.

**Методикалык ыкмалар:** Аңгемелешүү, кластер түзүү, көнүгүүлөр.

**Сабактын тиби:** Мелдеш.

**Сабактын жүрүшү:** Уюштуруу.

Балдар , бүгүн биз ачык саат өтөбүз. Илгертеден элибизде саламдашуу салтыбыз бар эмеспи, эмесе саламдашып алалы.

**Окуучу кыз:**

*Кыргыздар сөздүн чебери,*
*Кылымдан өткөн белеги.*
*Кана эмесе кыздыр ай,*
*Кыргызча салам берели.*
*- Арыбаңыздар!*

**Окуучу бала:**

*Айлана теребел салтанат,*
*Класстык саатыбыз башталат.*
*Илимге, билимге кол сунган,*
*Бактылуу балдар бүт салам айт.*
*- Ассалоому алейкум!*

**Мугалим:**

Бүгүнкү сабагыбыздын темасы доскада жазылып турат, чогуу окуп коёлу.

**Окуучулар:** Биринчи байлык – ден соолук.

**Мугалим:** Кайсы күнү бүткүл дүйнөлүк ден соолук күнү белгиленет?

**Окуучулар:** 7-апрель - Бүткүл дүйнөлүк ден соолук күнү.

- Эми балдар, үй тапшырмабызды текшерип алалы. Өткөн сабагыбызда силерге үйдөн ден соолук жөнүндөгү макал-лакаптарды билим келүү айтылган эле. Анда ошол тапшырманын жыйынтыгын угалы.

Ден соолук жөнүндөгү макал-лакаптарды окуучулар көркөм айтышат:

1. "Акыл менен ден соолук баарынан кымбат".
2. "Балдардын дени сак, заманыбыздын пейли ак".
3. "Дени соонун жаны соо".
4. "Ден соолугу мыкты кишинин иши да жакшы жүрүшөт".
5. "Ден соолук менен кубаныч жашартат".
6. "Ден соолукту ооруй электе барктай бил".
7. "Ден соолуктан өткөн дос, оорудан өткөн кас болбойт".
8. "Биринчи байлык – ден соолук".
9. "Күлкү – ден соолуктун мүлкү".
10. "Жашыңдан денеңди чыңаганың – кылымга чыдаганың".
11. "Отургузсаң бак-шак, ден соолугуң болот сак.
12. "Досторум менин силерге берээр кеңешим: орто тойгонуңар ойдогудай, аша тойгонуңар – ден соолукту сойгонуңар".
13. "Тазалык – ден соолуктун булагы".
14. "Дарттуу болсоң дарылан, соо болсоң сактан".

**Мугалимдин сөзү:**

- Көпчүлүк адамдар өздөрүнүн ден соолугуна көңүл кош карашат.

Алардын ден соолугунун абалы бирөөнүн колунда деп ойлошот. Мисалы, эгер ооруп калышса, сөзсүз врач айыктырат деп ишенишет. Ошентсе да, өз ден соолугуна аяр мамиле жасаган адамдар да улам көбөйүп бара жатат. Биз ден соолугубуз жөнүндө кам көрүүбүз жана аракеттенүүбүз керек.

Азыр балдар, эки топко бөлүнүп отургула. Доскада эки кластердин темалары берилген, силер аларды туура таап толтурушуңар керек

**Ден соолуктун булактары:**

Акыл, Бактылуу үй-бүлө, Таттуу уйку, Кыймыл, Таза аба, туура тамактануу, Тазалык, ж.б.

**Ден соолуктун душмандары:**

Тамеки, Арак, Банги зат, Нас чегүү, Ашыкча тамактануу, Кыймылдын аздыгы, Жуулбаган мөмөлөр, Жалкоолук ж.б.

- Азаматсыңар балдар! Сабагыбыздын үчүнчү бөлүгүндө көнүгүүлөр иштелет. Эки топко планшет жана сүрөттөр берилет.

Биринчи көнүгүү жакшы жана жаман шарттар деп аталат. Окуучулар сүрөттөрдү экиге бөлүп, эмне үчүн жакшы, же жаман экенин талкуулашат, ойлорун коргошот.

Көнүгүү иштелип бүткөндөн кийин жакшы шарттар деп төмөнкүлөр аталды:

- Эшигинин алдын шыпырып жаткан кыз;
- Таштандыны атайын жайга төккөн бала;
- Баланын колун самын менен жууп берип жаткан эне;
- Идишти жаап койгон аял.
- Малдын кыгын күрөк, атайын мээлей менен алган киши ж.б.

Жаман шарттар төмөнкүлөр:

Отурган жеринде тырмагын алып жатакан бала, киши;
Жолго таштанды төккөн аял;
Чакадагы төгүлбөй турган акыр-чикирди чокуп жаткан тооктор;
Чоң кастрюлга колун салып бетин жууп жаткан киши ж.б.

Көнүгүүдө көп талкуу, талаш-тартыш болду, анткени сүрөттөр айыл турмушунан алынган.

Кийинки көнүгүү "Оорунун таралуу жолдору" деп аталат.
**Жыйынтыгында балдар төмөнкү жолдорду аныкташты:**

1. Ачык кудук – суу аркылуу.
2. Ачык идиш-аяк – ооз аркылуу.
3. Чымын – тамак аш аркылуу, ооз, кан аркылуу.
4. Топуракта өсүмдүк отургузууда тери аркылуу.
5. Ит – тери аркылуу. Чычкан – тамак аш аркылуу.
6. Жердеги алма, жуулбаган мөмө-жемиш – ооз аркылуу.

Ушуга удаа иштелүүчү көнүгүү "Ооруу таркатуучу жолдорго бөгөт коюу" деп аталат. Балдар бул бөгөттөрдү талкуулап табышат. Сүрөттөрдү пайдаланышат

1. Ачык кудук – капкак жасоо.
2. Ачык идиш аяк – жаап коюу.
3. Чымын – айнек-терезелерге тор жасоо.
4. Өсүмдүктү топуракта отургузууда – кол кап кийүү, колду самындап жуу.
5. Чычкан – капкан коюу, дары берүү.
6. Итти кармаган соң жуунуу.
7. Жерге түшкөн алма, мөмө-жемишти жууп жеш керек ж.б.


**Жыйынтыктоо:**

- Ушуну менен класстык сабагыбыз аягына жетти. Ар кимибиз өз ден соолугубузга өзүбүз кам көрүүнү унутпайлы.

У. Мурзакматов атындагы Шапак орто мектеби

# Тарбиялык саат

Темасы: "Самын менен дос балдар"



Сабактын темасы: *Самын менен дос балдар*

| Сабактын максаты: | | |
|---|---|---|
| Билим беруучулук: | Өнуктуруучулук: | Тарбия беруучулук: |
| Окуучулар тазалыкты сактоо зарылдыгын, тыкандык ар бир окуучуга керек экендигин тушунушот. | Тазалыкты сактоо учун эмне кылуу керектигин, классты кантип таза кармоону уйронот. | Туулган жерин барктоого багыт алат. Топтордо иштоого, бири-бирин сыйлоого конугот. |
| **Корсоткучтору: сабак максатына жетет эгер окуучулар** | | |
| Окуучулар тазалыкты сактоо зарылдыгын, тыкандык ар бир окуучуга керек экендигин тушунушсо. | Тазалыкты сактоо учун эмне кылуу керектигин, классты кантип таза кармоону билсе. | Топтордо бири-бирин угуп, сыйлап, чогуу иштей алса. |

**Сабактын усулу:** Интерактивдуу.

**Сабактын жабдылышы:** Суроттор, буклеттер, плакат.

**Сабактын журушу:**

**I. Уюштуруу.**

**Мугалим:**

Алтын эреже жонундо эске салалы.

Эрте туруп уйумдон,
Сабагымдан кечикпейм.
Тартип бузуп себепсиз,
Чуркап кирбейм эшиктен.
Суроо берсе эжекем,
Кол которуп жооп берем,
Туз олтуруп класста.
Бурмалабайм оюмду,
Тартип бузсам эгерде,
Классты жууп тазалайм.

## II. Жаны темага киришуу. Сурот менен иштоо.

Мугалим: Суротторду доскага илип, окуучуларга суроолорду берет.

1. Эмнени коруп жатасынар? (жооптор: бала, кыз, жаныбарлар, жемиштер, даараткана ж.б. )

2. Ушул суроттор жашоодо колдонулабы? (жооптор: ооба/жок . уйдо, эшикте, мектепте...)

Биз жана уй-булобуз тазалыкты сактоонун эрежелерин билип, туура колдонушубуз керек, эгерде биз сактоо эрежелерин билбесек жашоодо колдонушубузду билбейбиз.

Мугалим доскага илинген суротторду тушундурот.

Бала менен кыздын суротун тазалыкты сакташат дейли, а баланын суротун тазалыкты сактабайт дейли. Досканын бир четине бала менен кыздын, а экинчи четине баланын суротун илип, алардын алдына доскага илинген суроттордон кайсынысы туура жагына, кайсынысы туура эмес жагына коюла тургандыгын, окуучуларга суроо берип, алардын айтуусу боюнча суротторду мугалим илет, дагы туура , туура эмес, тазалыкты сактоо эрежелерин эки жакка коёт.

| **Бала менен кыздын суроту илинген жакка** (тазалыкты сактоодо кандай эрежелерди билесинер?) | **Бала тазалыкты сактабаган суроттор** (тазалыкты сактабаган эрежелерине кайсы суроттор коюлат) |
|---|---|
| - Колду жуушат<br>- Даараткана таза, туура колдонушат<br>- Таза суу колдонушат: кайнатылган суу ичишет.<br>- Жашылча жана жемиштерди жууп жешет.<br>- Жашаган жерин таза кармашат.<br>- Кийимдери таза.<br>- Денени таза кармашат: жуунушат, тишти тазалашат.<br>**Алардын корунушу жакшы** | - Колду жуубайт<br>- Даараткана кир: туура эмес колдонот<br>- Кир сууну ичууго колдонот<br>- Жемиштерди жана жашылчаларды жуубай жейт<br>- Жашаган жери кир, таза эмес<br>- Кийими кир, таза журбойт<br>- Денеси кир: жуунбайт, тишин карабайт<br>**Анын корунушу начар, коп кыйналат** |

## III. Жаны тема.

Мугалим: Эми балдар, китеп менен иштейбиз. Китептеги суротту карап, эмнени коруп турганынарды айтып бергиле. (класс, классты тазалап жаткан балдар, болмону желдетуу ж.б.)

Балдар, тыкандык дегенди кандай тушунобуз? (балдардан ойлорун угуп, анан мугалим толуктайт).
- Туура балдар, тыкан деп – бардык буюмдарын ордуна коюп, ирээттуу кармаган, чачын жакшы тараган, кийимин жарашыктуу кийген, жашаган, окуган, иштеген жерин ирээтеген ж.б. балдар, кыздарды айтабыз.
Окуучуларга китептеги "Тазалык" деген ырды окутуу жана талкуулоо жургузуу.

Кезектешип класстын,
Тазалыгын сактайбыз.
Гул жыттанат киргенде,
Бир да кагаз чачпайбыз.
Класс турса тазарып,
Конул ачат тазалык.

**IV. Бышыктоо.**

Эми балдар, ЭГЕРДЕ мен, АНДА сен деген оюн ойнойбуз.


| ЭГЕРДЕ | АНДА |
| --- | --- |
| -Эгерде мен чымын болсом,<br>Сенин ачык калган идиштеринди<br>Жана тамагынды булгасам,<br>Анда сен эмне кылат элен? | - Анда мен шапалак менен чаап,<br>дарыларды чачып сени олтурмокмун |
| -Эгерде мен кичине бала болсом<br>уйундун полун, шымдарымды<br>булгап салсам, анда сен эмне<br>кылат элен? | - Анда мен сени ажаатканага<br>барганды уйротот болчумун. |
| -Эгерде мен каардуу киши<br>болсом, сен ичип жаткан<br>булакты кир нерселер таштап<br>булгап салсам, анда сен эмне<br>кылат элен? | - Анда мен сени байлатып<br>салмакмын. |

**Мугалим:** окуучуларга томонку суроолорго жооп беришине мумкунчулук берет:
- Силерге кайсы жагы жакты? (эгердеби же андабы)
- Эмне учун?

**V. Уйго тапшырма беруу.**
Тазалыкты сактоо эрежелерин уйронуп келгиле.

**VI. Баалоо.**
Эмоционалдык баалоо, мактоо менен.

**VII. Жыйынтыктоо.**
Таза болсон суудай бол,
Баарын жууп кетирген.
Дегендей, балдар, бугун тазалыкты сактоо зарылдыгын тушундук. Мындан ары дайыма таза жуунуп, таза кийинип, уйубузду, классыбызды жана буюмдарыбызды таза кармайлы. Ар дайым тазалыкты сактайлы!




Colgate
Colgate

У. Мурзакматов атындагы Шапак орто мектеби

# Тарбиялык саат

Темасы: "Тамеки чегүү-ден соолукка зыян."



**Сабактын темасы:** *Тамеки - омурго зыян.*

**Сабактын максаты:**

1. Окуучулар насвай, тамеки жана алардын зыяндары жонундо маалымат алышат.
2. Окуучулар насвай, тамеки тартуу оз ден соолугу учун зыян, маданиятсыздык, адепсиздик экенине ынанышат.
3. Сергек жашоо мунозуно, насвайга, тамекиге каршы акцияларга умтулууга оболго тузот.

**Сабактын жабдылышы:** таблицалар, диск, DVD, сороттор.

**Сабактын журушу:**

1. Уюштуруу.

   Жакшы маанай тартуулоо. Ар бир окуучу жанындагы окуучуга жакшы каалоолорун айтат.

2. Киришуу учун суроолор:
   - Насвай колдонуунун кандай зыяндары бар деп ойлойсунар?
   - Жакындарынардан, тааныштарынардан насвай колдонгондорду билесинерби?
   - Алардын насвай чеккендери силерге жагабы?
   - Адамдар эмне учун тамеки тартышат деп ойлойсунар?
3. Жаны тема боюнча керектуу маалыматтарды беруу.

   Насвай, тамеки тартууга конгон адамдарды медицинада токсикоман- деп айтышат. Бул ото жаман адаттар экенин жана ден соолукка канчалык зыян келтирээри жонундо бугун кенири талкуулайбыз.

   Адегенде насвайдын курамы эмнелерден тураарын карап королу. (мугалим таблицадагы маалыматтар менен тааныштырат)

   Насвайдын курамы:

   1. Тамеки
   2. Чыланган акиташ
   3. Тооктун кыгы
   4. Осумдук кулу

Эми балдар, насвайдын ден соолукка тийгизген таасири жонундо маалыматты окуп королу.

5. Борбордук нерв системасы – тез-тез кыжырдануу, чаржайыттык, конул чогуу, эс тутумдун начарлашы, баш оорулар.
6. Ооз кондойу – ооздон жагымсыз жыттардын чыгышы, тиштердин саргайышы, тиш кондойлорунун ачышып оорутушу, ооз кондойундо жарачалардын пайда болушу.
7. Журок-кан тамыр системасы – тамырлардын ичкериши, негизги (баш жана журок) органдарына кычкылтектин жетишсиздиги, журоктун тез-тез согушу.
8. Ичеги карын тутуму – конул айнуу, кусуу, ашказандын оорутушу, ичтин отушу, гастрит жана ашказан жарасы.
9. Репродуктивдуу системасы – жыныс гармондорунун активдуулугунун томондошуно алып келет.

Эми балдар, насвайдын жасалышы жана анын кесепеттери жонундо DVD дисктен королу (окуучуларга атайын даярдалган диск коргозулот).

Ал эми «Тамеки насвайга караганда зыяны азыраак болуп журбосун?» -деген жаңылыш ойго баргандар болуп калышы мумкун. Анда тамеки жонундогу окуучулар даярдап келген докладга конул буралы. (даярданып келген окуучулар доклад окушат).

1-окуучу: Алгачкы адамдар ачкачылыкка чыдабай сигарет чеккен, себеби өздөрүн ток кармагандай сезишкен. Ошондогу адамдар «сигаро»-деген чөптү кургатып, аны мүшөккө салып чегишкен. 1942-жылы 27-сентябрда Испаниялык саякатчы Христофер Колумб Кубанын жээгиндеги Гаити аралына барат. Ал жердегилер «сигаро»-деген чыгарышат. Алар түтүнүн жутушуп мурдунан чыгарышат. Алардан матростор үйрөнүшөт, андан кийин өлкөлөргө тарайт. Ошентип Гаити аралынан Табаго аймагына андан алган өсүмдүк 1494-жылы башка өлкөлөргө тарайт. 18-кылымдын 30-жылдарында Швед окумуштуусу Карл Линней Европада биринчи болуп тамекинин өстүргөн. Жан Никонун атына «Никотин»-деп айткан, Жан Нико Француздардын Португалияга жиберген өкүлү болгон. 1566-жылдын башында оорудан айыга албай жүргөн Француз королевасы Екатерина Медичеге баш ооруганда жыттоону сунуш кылат. Ага кургак жалбырак жиберген. Ошентип падыша сарайындагы ак сөөктөр арасында тамеки жыттоо модага айланган.

1634-жылы Европадан Россияга келет. 30-май тамеки тартуунун күнү деп аталып калган. Тамеки жалбырагынын составынан «никотин»-деп аталган алкалоидди биринчи болуп 1828-жылы окумуштуулар Носель жана Рейман аныктаган тамеки 2ге бөлүнөт.

2-окуучу: Тамеки жалбырагынын составында төмөндөгүдөй топтогу заттар бар. Белок 10%, углевод 20%, органикалык кислота 10%, чайыр 10%, эфир майы 1%. Тамекинин кара майында декоть деген 100гө жакын химиялык заттар кездешет. Алар бензопирем, бензатрацент, мышьяк, полициклдуу углеводдор бар. Ден-соолук комитетинин билдиргенине караганда тамекини катуу тарткандардын өмүрү сегиз жылга кыскарат.

Жер шаарынын калкы жылына 12млрд пачка папирос жана сигарет тартат. Ыргытылган тамеки калдыктарынын массасы 2,500 тонна болот. Тамеки тарткандар отмосферага жыл сайын 720 тонна синил кислотасын, 584000 тонна аммиак, 108000 тонна никотин, 600000 тонна кара май, 550000 тонна ис газын чыгарат. Фармологдордун маалыматы боюнча 1 куту сигаретти тарткан адам 0,0012г синил кислотасы, никотин 0,64г, аммиак 0,9г, 1г кара май организимге кирет. Эгерде 30 жыл күнүнө бир пачка папирос тарткан адам өпкөсү аркылуу 5,5кг чайыр, 160кг тамекинин түтүнүн, 1,5кг никотинди өткөрөт. 6,7 мг адамды, бир тамчы никотин атты өлтүрөт. Биринчи жолу тамеки тартканда өзүн жаман сезип, көңүлү айныйт, кускусу келет, жүрөктүн согушу күчөйт, эсинен танып калат. Никотинге көнүп калганда тамекиге зыяндуу таасири басаңдап, анын жагымдуу дүүлүктүргөн таасири гана сезилип калат.

3-окуучу: Тамеки тартканда өпкөнүн рак оорусу менен 10 эсе, кекиртек рак оорусу менен 6-10 эсе ооруп калуу мүмкүнчүлүгү артат. Кызыл өңгөч рак оорусу менен ооруган 100 кишинин 90ну тамеки тарткандар. Тамеки тартпаган адам тамеки тарткан адамдын жанында бир саат отурса ал тамеки чеккен адамдай зыян тартат.

Статистикалык маалыматтарга таянсак тамеки тарткан аялдардын төрөгөн балдарынын 40%на чейини өлүмгө учурайт. Никотин кан тамырларынын ички бөлүгүн сезгентет. Тамеки тарткан адамдар «Стенокардия» оорусу менен ооруйт, бул оору мезгил-мезгили менен жүрөктүн булчуңдарына кан жетпей буулуп, көкүрөк сайгылашып катуу ооруйт. «Стенокардия» оорусу миокарддын инфаркты деп аталуучу жүрөктүн оор дартына алып келет. Бул оору менен 80%тен көбү тамеки тартуу себебинен. Ошондой эле

кургак учук, бронхит менен оорушат. Фагоситоз козгогуч начар иштейт. 75% аялдар ооруйт, себеби тамеки тартуучу инфарк менен 12 эсе тамеки ар кандай ашказан жарасы менен 97% чылым тарткандар оорушат.Никотин С1, В1, В2 витаминдерин 20 эсе азайтат. Эгерде папирос чексең 3%, сигарет чексең 6% никотин уу затын өзүңө аласын.

4. Бышыктоо.

**Мугалим:** Кордунорбу балдар, насвай канчалык зыяндуу жана булганыч нерсе экенин? Ошондуктан, балдар, эч качан насвай жана тамеки деген нерселерди оозунарга эмес колунарга да кармабагыла!

Эми балдар, насвай жана тамеки жонундо макал-лакап, накыл создордон билесинерби? (окуучулар айтышат).

**ЭЛДИК МАКАЛ-ЛАКАПТАР.**

Тамеки чексең көпкөндөн,
Көк жөтөл чыгат өпкөдөн.
Ким чексе тамеки же нас,
Ал адам өзүнө-өзу кас.
Тамеки акмактанбай күйөт,
Ал бекерпоз адамды сүйөт

**НАКЫЛ НАСААТ СӨЗДӨР:**

«Тамеки бүткөн бойго зыян келтирип, акыл эсти бузуп, бүтүндөй улутту мокотот». (О. Бальзак)
«Никотин эске тутууну начарлатып, жөндөмдүүлүк менен эркти бошотот». (Н. А. Алехим)
«Тамеки тартуу аңкоолук». (В. Гётте)
«Мас болуп-жиндиликке машыгуу» (Пифагор)

5. Жыйынтыктоо.

Насвай колдонуу жана тамеки тартуу менен адам оз ден соолугуна жана жакындарына канчалык коп зыян алып келээрин тушундук деп ойлойм. Бул жаман адаттын дагы бир окунучтуу жери, тамеки тартууга конуп алган адам аны таштоодо ото кыйналат. Кээ бир эрки бош адамдар таштай албай журо беришет. Озундун ден соолугунду озун кургаткын келбесе, насвайдан жана тамекиден жаа бою качканынар он.

Тамекинин кулу болуп жашаганча, сергек жашоо мунозун тандап, куунак жана бактылуу, оорубай жашаганга аракет кылууну озубузго адат кылалы.

# Колдон чыккан Жети Аке багыты